183

Матариалы для хрестоматии 6 кл.

Отрывки из произведений

А. Токомбаева

Т. Уметалиева

М. Элебаева

1950 г.

Папка для бумаг

Институт языка, [illegible] ...ии
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе
Инв. № 183
164 стр.

# ПАПКА

## для бумаг

Материалы для хрестомат...
по 6 кл.
отрывки из произвед.
А. Токомбаева
Т. Уметалиева
М. Элебаева

1950 г.

( Кыскача )

1

# AАЛЫ ТОКОМБАЕВ

7

Аалы Токомбаев 1904-жылы Кемин районундагы азыркы Кайыңды айлында батрактын /жалчынын/ үй бүлесүндө туулган. Жаш кезинен ата-энесинен ажырап, жетим калып ар кимдин эшигинде тиленчилик да кылат.

1922-жылдары Аалы Ташкенде Орто Азиялык Коммунистик Университетке/САКУ/ студент болуп, ошол эле жылдары комсомолго мүчө болуп өткөн. 1928-жылы САКУну бүтүп, ушул жылдары ВКП/б/нын катарына өтөт. Аалы Токомбаевдин 1-ырлары 1924-жылдан баштап басмада пайда болгон. Аалынын "Октябрдин келген кези" деген ыры "Эркин-Тоо" /азыркы "Кызыл Кыргызстан"/ газетасына биринчи жолу чыккан."Ленин жөнүндө" /1927/, "Аялдар айнеги" /1929-ж/, "Эмгек гүлү" /1932/ деген жыйнактары басылган. Аалынын көп эмгектери орус тилине которулган. Кыргыз адабиятындагы сиңирген эмгеги үчүн ага "Эл акыны" деген наам берилген. 1946-жылы Ленин ордени менен сыйланган. Кыргызстан Жогорку Советинин депутаты.

АВТОБИОГРАФИЯ ЖАНА БИОГРАФИЯ

Автобиография латин сөзү болуп, "аутс"-өзүм, "биос"-өмүр, "графо"- жазамын деген маанини берет. Өзүнүн өмүр баянын жазууну автобиография дейбиз.

Биография деп, башка биреөнүн өмүр тарихын жазуу аталат.

СУРООЛОР жана ТАПШЫРМАЛАР

1. Өзүңөрдүн өмүрүңөрдү ангеме кылып жазгыла.

МЕЗГИЛ УЧАТ
/Үзүндү/

Б У Л   Т А Л А Н Т

Мойнунда кызыл галстугу бар сулуу кара бала, интернаттын жатаканасынан чыгып, эки жагын карап, биреөнү күткөндөй, жай басып кылчактай берди. Эски дубалдын ар жагында жашынып турган, аксай баскан жалпак бала чырр эттирип ышкырып коюп, олтура калды. Галстукчан бала улактай секирип жакындай берди да:

-Уруну эми кармайбыз, ойнойлу десем, болбой койду, менин көйнөгүмдү ошол эле алды- деп койду да, дубалдан башын чыгарып, жатакананы акмалады.

-Көрүнбөйбү?- деди аксак бала.

-Жок, ал ушул кезде уурдап жаткандыр. Сатар агайга барып айталыбы?- деди сулуу бала.

-Билбейм, жалган болуп жүрбөсүн.

-Анын атасы да ууру, көрөсүң го.

Колуна көнөчөк кармаган арык киши балдарды көрүп токтой калды.

-Ай, киши, айран сатасыңбы- деп, сулуу кара бала тура калды, ал киши жалт карай бергенде, чочугандай жолдошун нукуп койду. Ал бала эчтемени байкаган жок.

-Жок, балам,- деди сары чал- айран ичесиңерби9 Кел, кичинекейден жуткула, силер интернаттын балдарысыңарбы? Айтикеев деген бала аман-эсен барбы?

Балдар бир бирин карап коюшту да колдору менен дубалды чукуп, унчукпай калышты.

-Ой, айланайындар, силер эмнеге унчукпайсыңар? Же аны таанybaйсыңарбы? Чоң курсак, унчукпаган сары бала,мында келгенине бир жыл болуп калды, же силер жаңы балдарсыңарбы? Кел, айланайын кулундар, бери келип айран жуткулачы.

Айтикенин журөгу дикилдеп кетти. "Балам өлүп калса кэрек же катуу оору болсо керек, балдардын дубал чукуп калышы жакшы жөрөлгө эмес"- деген кыял Айтикенин журөгүн оюп жиберди. Балдар "сен айт, сен айт" дегенсип, бир бирине баштарын ийкешти, бирок эч кимиси унчуккан жок. Айтике аларды кутпөгөн, ылдамдай басып балдарга келип:

-Me, айланайындар, кичине-кичине жуткулачы деп көнөчөкту бере койду. Сулуу кара бала мурдун чүйрүп:

-Мен ичпейм, сенин көнөгүң эски экен, мен сени таанып турам,- деп кайта түрттү. Экинчи бала жолдошун жаман көзу менен бир карап, көнөчөктү ала коюп, кылкылдатып беш-алды жутуп жиберди.

-Сен кимдин баласысың, айланайын, ич кеночек эски болгон менен таза,- деди Айтике.

-"Сен" дебе, Сатар агай "сиз"- деп сүйлөгүлө дебеди беле?

Сулуу бала жолдошун туртуп, унчукпай туруп, Айтикеге тик карады.

-Мен Атабектин баласымын, сен Айтике сарык эмессиңби.

-Мм, ошондойбу?- деп саал ойлоно калды да, ооба, Айтике сарыкмын, сен качан келгенсиң?

-Бир ай болду.

-Атаң сени жетим бала деп өткөрсө керек, миң башынын балдарын албайт дечү эмес беле?

-Билбейм, мен эле киргем, деди сулуу бала, менин атамын жерин алып коюшпадыбы. Азыр миң башы эмес да. Интернатта кимдер болорун бала билчү эмес. Бирок атасын туурап Айтикени куу таман, кызыл шайтан" деп түшүнчү. Ата тарбиясы боюнча Айтикени "сиз" дебей "сен" деп айткан бала үчүн, кадиресе, ал Айтикеден жалтанууга,эч кандай

себеп жок болучу. Атамдын жалгыз эле душманы ушул киши деп билчү. "Бул кызыл шайтанды өлтүрбөй, жан тынбайт"- деп Атабектин айтканы баласынын эсинен чыга элек эле. Атабектин баласы Айтике менен сүйлөшкөндө, куду Атабек сыяктуу кемитип, шылдыңдай сүйлөдү.

-Сенин балаң ууру, азыр аны кармайбыз. Мен азыр Сатар агайга барып айтам,- деп дубалдан аттай жөнөдү. Бала Айтикени бир карап алды да, ийреңдеп, жолдошунун аркасынан жүгүрдү.

- Ай,бала,- деди Айтике, анын муундары калчылдап,сакалдары сербейип, көзү тунара түштү- айтчы, айланайын, эмне уурдады? Ал уурдабайт.

-Мен билбейм, аке, аны мен айткан жокмун,- бала жерди тиктеп, илкий басып туруп калды.

Айтике олтурган жеринен козголгон жок, коркунучтуу кыялдарга бөлөнө берди. Көнөчөкүн тиктеп, далайга чейин эси оогондой олтурса да, "ууру" деген сөздү ойлогондо, көзү умачтай ачылды. Бирок ордунан тура алган жок.Кулагына

баланын чыңырган үнү угулгандай, "ур,ур" деген балдардын үндөрү күчөп чыккандай, аларды биреөлөр арачалагандай болду. Терезеге келип шыкаалаган кишилерди көргүсү да келген жок. Анын башында тилсиз, дабыш чыкпаган түркүн сөздөр сүйлөнө берди:

- Сатар деген жигит урдурбас, байдын ал коммунист эмес беле, жок, кеңеш өкмөтү калыс. Уурдуну, байды, басмачыны аябайт. Ооба, баланычы? Баланы, баланы бакпаса, аларды кайдан жыйнасын. Алда кулунум ай, эл катарына киргенибиз эки жылга толо элек эле го. Кийим бүтүн, карды ток эле, биреө азгырган чыгар. Жок, ал өзү эч убакта ууру кылбайт, түк кылбайт. Мен сураштырам, мен Сатарга айтам...Сатарга. Корккондуктанбы же уялгандыктанбы, ким билсин, кара терге чөмүлгөнүн турганда гана араң сезди. Интернатты көздөй кайраттанып басты, бирок жер арбыган жок, шилтеген буттары кайта келип ордуна түшө берди.

Сатар үйдөн чыкканда, аны менен бирге эки-үч киши кошо чыкты. Атабектин баласы алардын алдына түшүп, интернаттын жатаканасындагы Жапарды көздөй жөнөдү.Сатарлар

жатакананын терезесине жакындаганда, беркилерди "токтогула" дегенсип, колун артка жаңсап, акмалай басып терезеден шыкалады.

Атабектин баласы "токто" деген белгиге караган жок, экинчи терезеге өбөктөп жетип, колун терезеге такай коюп, бир тиктеп, мышыкча басып Сатарга жете бергенде, шыбыраган дабыш менен "тигине, матрасты жыйнап жатат" деп, оозун басып, кыкылдап күлүп жиберди. Сатар терезеден көзүн албай туруп, шыбыраган балага колун жаңса, "акырын" деген белги берди. Бала эки алаканы менен оозун басып, күлкүсүнө чыдабай, кыкылдаган бойдон кайта чуркап, беркилерге келди.

-Не, нерсе?- деди тарбиячы келин- нерсе ишли анда?- Анын аппак жүзү купкуу болуп, көзү чоңоюп, кеткендей болду.

-Уурдап жатат, жүргүлө, уурдап жатат. Анын атасы да ууру болучу...

Сатар терезенин экинчисине барып бир топко тиктеди да, билээр билмексен кылып терезени чертиледи. Ар жактан белги болгон жок. Сатар кайта бурулду. "Келгиле" дегенсип колун жаңсады.

Интернаттын тарбиячы аялы Сатарга чуркап:

-Нерсе экенин соң анда, абий, нерсе бу?

-Нерсе экенин азыр көресуң, Наташа ханум, таң каларлык иш. Наташа ханум колу менен бетин сыйпалап, тез-тез сүйлөдү:

-Жөнөр болгон, Жапар жөлөр болгон бит, ничик алай болорга ишенмийм, ишенмийм...- деди.
Сатар ачык күлүп келинди колдон алды да,татарчалап:
-Шулай энди, ажап нерселерди көресиз - деп тамашалап кайта кыргызча сүйлөдү. - Акырын-акырын басып, бир бирден карагылачы, ал өзүнчө башка дүйнөдө олтурат...

Эч кимиси түшүнгөн жок, тарбиячы келип жибек жоолугун дилдиретип, бутуңун башы менен жүгүрүп, терезеге жабыша калды. Кезектешүүнү беркилер да каалашпады, жабалактап калып терезеге жардана калышты. Алардын көлөкөлөрү күндүн бетине көлөкөлөп, үйдөгү кроваттарга барып жабыша калды. Алар күтпөгөн көрүнүшкө таңыркай калышты...

Катар турган кроваттын төшөнчүлөрү жерде жатат. Кроватты
Кроваттын алдына салган аппак жаңы тактайлардын бети карала, торала болуп көрүндү. Жапар жаңы ойгонгондой,анын кичинекей капкак көзү үчүнчү кроваттын тактайына кадаланып турат.

Тактайдын бетине тийген кунду шыкаалагандардын келекесу баспаса, дуйнеде кандай чуу болуп жатканын Жапар сезбес эле. Шыкаалаган кишилердин келекелеру, алардын кыймылдарына жараша, Жапардын тактайында болду. Жапар адегенде адамдарды байкаган жок. Терезеден тушкен теректин келекесу деп сезди. Кишилер бир бирине баштарын кошуп, шыбыраша баштаган да анын тактайын калың кара келеке каптап калды. Жапар ошондо гана башын кетеруп, терезеге бурулду, а дегенде терезенин тушундагыларды мал деп ойлоду. Ордунан туруп талыган мойнун ары-бери козгогондо гана кишилердин жабалактаган коздерун кере койду. Эл ага таңыркаса, Жапар элге таңыркады...

Наташа татарча суйлеген орус кызы боло турган, баланын ууру эместигин кергенде, чыдай алган жок, Жапардын тил билбестигине да карабады, жугуруп уйге кирип келди да:

-Жапарчик, золотой мой, голубчик мой, что ты делаешь!

деп кучактап, опкулеп жиберди. Анын бетинин оту албырып,

ак саргыл болуп тамылжый тушту.

-Шулай должен быть айтам бит, айтам.

Шыкаалап тургандардын бардыгы үйгө кирди. Жапар ого бетер эзилип кеткендей болду, жандуудай балбырап тердегени болбосо, суроолорго жандуудай жооп берүүгө жараган жок.

Айтике кишилердин үстүнө кирүүдөн уялды. "Ушул чалдын ууру баласы мына бул"- деп кимдир бирөө баласын турчудей сезилди. Ошондуктан, үйдү имериле басып, тигилер шыкалаган терезеге келип, көзүнүн кыйыгы менен карады.

-Сатар Айтикени жазбай тааныды, ал шамдагай тура калып, терезени ачып жиберди да:

-Аксакал, биягынан келиңиз- деп, колун жайып,жылмайып,- тез келиңиз,- деди.
~~калып, терезени ачып жиберди~~

Айтике калтаарып, кеңүлсүз кайрылды, анын эки кулагына эки киши шыбырагандай туюлду.

-Мына, сени шылдың кылып жатат.

-Жок, эчтеме эмес, баланыкы кечирип койду...деген (н)

сыяктуу капкайдагы көрүнбөгөн жана түгөнбөгөн шыбырларды угуп жиберди.

Сатар:

-Келиңиз- деп тура калып, колун сунду.

Айтике аны байкаган да жок. Беш-алты кишинин ортосунда турган баласын көрө койду. Ал чийкил болгуча боргулданып, кирпигин мышыкча жартылап жай ирмеп, жөлөп койгон каалгадай төрт тактайдын бетин тиктейт да, калтыраган уяң үнү менен бирдемелерди айткан болот. Бирок биреөөнү көрүп баамдоого жакка анда чама жок эле. Атасын да байкаган жок.

Айтике кенечегүн коё коюп, дубалга сүйөнүп, баланы карап олтура калды.

-Сиздин балаңыздан бөтөнчө касиеттер чыгып жатат, тыңшаңыз- деп Сатардын шыбыраганы Айтикенин кулагынык кырынан кетти. Өңү бузулуп, сейрек сары муруту каадасынча бириндеп кетти. Бетинен куланган мончоктой терлерд, уйун, бырышкан ичке мойнун көздөй шорголой берди.

Наташа кол жоолугун ала коюп, боргулдаган баланын бетин сүртүп, пийпийген кичинекей мурдунан чымчып эркелетип, олтургандарга бурулду.

-Вот киргизский Репин, жетер энди,- деди.

Айтике туш көргөндөй болду, өз көзүнө өзү ишенбеди. Келиндин оозун тиктеп:

-Балам, ал эмне дегениң?- деди.

Олтуруп бараткан Жапар атасын үнүнөн таанып, жалт карап, кайта тура калды да, эмне кыларын билбей, акырын жылмайып койду.

Сатар баланы колдон алып, өзүнө карай тартып,далыга кагып эркелетти.

-Атаңа учураш ,- деп баланын колун Айтикенин колуна тийгизе койду.

Айтике ар кимди бир карап:

-Мен эчтемени билбей калдым, бул эмнеңер- деп, баланы бооруна кысты.

Сатар Наташага карап, тактайдагы сүрөттөрдү көрсөтүп:

-Сиз такыр байкабагансыз. Мына бул сүрөттөр кагазга түшсө Фрунзеге көргөзмөгө жиберет элек. Балага эмне

керек болсо, бардыгын таап бериш керек. Кагаз, карындашты каалаганынча бериңиз- деп, биреөнө карады да, тактайды көрсөтүп- бул элдин ырыскысы, бул талант- деп, Айтикеге карап бирдеме айтмакчы болду.

Түбөлүк достук

Июнь айынын он бештеринде Фрунзе шаары жашыл тукабага бөлөнгөндөй болот. Сол жагында азууланган мөңгүлүү тоо, андан соккон сыдырым жел, бөксөдөгү эгиндерди жай толкундуу деңиздей кылып көрсөтөт. Муну көрбөгөн кишилер өзүнүн көзүнө өзү ишенбейт, анткени- Чүйдүн боюжыйырма беш- отуз градус ысык, андан сегиз километр тоого карай жүргөндө Кисловоддун авасындай мелүүн, дагы бир аз жогорулаганда күздүн элесин берет, бирок жердин бетинде саргарган жапырак көрүүгө болбойт. Андан арыраак- мөңгүлүү Ала-Тоо Каалаган туристтер Кыргызстандын борборунда туруп, бир күндүн ичинде жылдын төрт мезгилин толук көрүүгө болот.

Мындай сулуулук кимди суктандырбасын, бөтөнчө сүрөтчү Абрамов көргөн сулуулуктардын бардыгын илип алып жаткандай кистесин илмендетип олтурганы олтурган.

Аппак меңгү мала тартып, күндүн акыркы нуру менен коштошкон учурда же тоонун башын жаңыдан күн чалганда, сүретчү Абрамов дайым сүрөт станогунун жанында жападан жалгыз болоор эле. Күндөрдүн биринде эртең менен Абрамов эки киши болуп олтурду. Анын жанындагысы шамдагай,шыңгаа сары жигит эле. Алдагы сүретчү. Ал анда-санда суроо берип коёт, станогунан төрт-беш кадам чегинип, таанча мойнун кыйшайтып да, ыкшырайтып көзүн кысып, тарткан сүрөтүн баамдайт.

Абрамов төбөсүн басып кийген эски кара шляпасын сол чекесине кыйшайтып, уйпаланган кара лента галстугун түзөтүп боёкторун жыйнады.

"Семен Афанасьевич,- деди жаш сүретчүгө- кийинки кезде тез чарчай турган болдум, "Кары келсе- ашка, жаш келсе-ишке"- деген кыргыз да макал бар, иштей бер.

Семен Афанасьевич:

-Макул, макул- деп күлдү да:- Сиз бир бала жөнүндө айтамын деген элеңиз,- деди.

-Ал так эле Сиз үчүн, ал сүретчү бала,- деди Абрамов- анын тарткандарын техникумдан көрсөңүз болот,- деп

кистелерин жууп, кутусуна салды да, жай сүйлөй баштады.

-Мен техникумда сүрөттөн сабак бергениме ҮЧ жыл болду. Талантттуу балдар эң эле көп, күндөрдүн биринде, балдарга Венеранын башын тартууга тапшырма бердим. Кезектеги сабакта тапшырманы текшерип олтуруп, күтпөгөн баладан сонун сүрөт чыкканын көрдүм. Ал Венеранын сүрөтүн эң эле сонун тарткан, жалаң гана тапшырма эмес, лавро жапырагынан венок кийгизип, өзүнчө вариант жасаган, мындан башка эки кыргоол тартып келген: анын мурунку сүрөттөрү эч кандай балага туура келчү эмес. Тартууга чыгы да, эби да жок болучу. Балапын аты Кудуң эле. Кудуңдун сүрөтү таптакыр окшобогондугу менен белгилүү. болучу, соңку сабакта жомоктогудай башкача- деп жылмайып Семен Афанасьевичке жакындай түшүп- мына, сага бул баланы кантип баалабай калдым деп өзүмден өзүм уялдым. Сабактын көпчүлүгү Кудуңдун сүрөт: жөнүндө болду, класстагы балдардын бардыгы шүйшүнүп караашты, бир бала колун сунуп, сөз сурап: "Бул сүрөттү Кудуң эче күндө тартты экен"- деди. Кудуң мостоюп туруп: кечээ эле тарттык,- деди.

-Ии, мына,- деди экинчи бала - өзү тарткан эмес, тарттык, -деп жатпайбы- деди. Мен шектенгеним жок, орусча тилди начар билгендиктен "тарттым" дегенди айталбай, "тарттык" деп жатат го деп ойлодум. Кудуң унчукпан жок.

-Ким экөөң тарттыңар- деп, баягы бала Кудуңга экинчи суроо берди. Кудуң балага жаман көзү менен карап: эмне, сени текшерүүгө койду беле? Кыйын болсоң, бирөө менен биригип тартып албайсыңбы?- деди. Балдар чуулдап күлүп жиберишти.

-Демек, сүрөт аныкы эмес экен да,- деди Семен Афанасьевич.

-Токтоңуз, кызыгы бар,- деди Абрамов.

Кудуңдун атагы окуучулардын бардыгына таралды. Бир жумага чейин Кудуңдун кубандырганы эсимен кетпей койду.

Төмөнкү класска сүрөт болчу эмес, сүрөт сабагы жүрүп жаткан кезде, биздин класстын эшиги дайым кичинекей болуп ачылып кала турган болучу. Бир күнү эшикти эки ирет

жапсам, эки ирет баягыдай болуп кайра ачылды.Бирөө зөөкурлук кылып жатканына кыжырландым да шарт эшикти ача ~~сал~~ салдым. Шыкаалап турган кетирейген сары бала селт дей түштү. Ал төмөнкү класстын баласы эле.

-Эмне керек, кет!- дедим, бала жалооруп карап,үнчукпастан басып кетти. Келерки сабакта эшик билинбей дагы ачылды, биле койдум да, "кантээр экен" деп, үнчукпай жаап койдум, бир аздан кийин дагы ачылды. Чекесинин жартысы көрүнүп баягы бала шыкаалап жаткандай сезилди. Мен эшикти ачып бараткanda:

-Саламатсызбы?- деген калтыраган баланын каргылдаган үнү угулду. Бала мага эң эле аянычтуу көрүндү.Үмүт кылгансып, жал-жал карап, мукактана калды. Баланын кебетеси өтө бош, өтө аянычтуу.

-Сүрөттү жакшы көрөсүңбү? - дедим маңдайын сылап.

-Ооба.

-Тарта билесиңби?

-Билем.

~~-Фамилияң ким?~~

-

-Фамилияң ким?

-Айтикеев.

-Атың ким?

-Жапар.

-Тарткандарың барбы?

-Бар.

Класстагы балдар биздин сөздү тыңшап турган болуу керек, бирөө чыга келди. Анын аркасынан, келин Кудуң да тура калды. Башка балдар да бириндеп туруп босогого чогула башташты.

-Кана, кайда, алып келчи?- дедим, бала чекесин тырмалап балдардын ичинен бирөөнү издегендей болду:

-Кудуң да деле бар, ошону көрөсүзбү?- деп Кудуңду көрө коюп: - кана, Кудуң, баягы менин сүрөтүмдү көрсөтчү,- деди. Балдар чуруулдап күлүп жиберишти.

-Кудуң, кана, көрсөтчү.

-Мен айтпадым беле.

-Алып келчи.

Кудуң унчуккан жок, бир бала чуркап барып, Кудуңдун сүрөттөрүн көрсөтүп

-Ушулардын кайсынысы,- деди.

Жапар чоң кишиче шашпай гана:

-Мына бул кыргоол, мына бул аялдын башы...Тетигил дагы меники- деп, ит ээрчиткен кишинин сүрөтүн көрсөттү- деп Абрацов жылмайды да- ал бала өлбөсө чоң сүрөтчү болот, анын келечеги алда турат... Мен Сизге аны тааныштырайын, азыркы кря тарткандагы кесиптелгендей эле,- деди.

Семен Афанасьевич баланын машакаттуу окуясын укканда, чыдай албады.

-Сиз, аны мага бүгүн эле көрсөтүңүз, мен аны көрө электе эле, көңүлүм түшүп калды- деп сүрөттөрүн жыйнай баштады.

Эки сүрөтчү эрмектешип, жай басып келе жатат, алардын аркасындагы рукзак, станоктору менен тоодон келе жаткан саякатчы сыяктанып көрүндү. Алар Дзержин көчөсүнө кире бергенде, субботник кылып, бак тигип жаткан техникумдун

балдарына жолугушту, Алар ырдап, кулуп, бир бирин туртуп, ойноп жаткан балдарга:

-Жапар Айтикеев кайда?- деди Абрамов.

-А, тетигине,- сурөт тартып жатат, чакырайынбы?

-Чакырбаңыз,- деди Абрамов - жүр, Семен Афанасьевич

Алар Жапардын арка жагынан жакындап барып, баш ийкешип сүйлөшө түштү. Кармаган үч кистаны улам алмаштырып ,улам кетенчиктей түшүп, шыкаалап көюп, кадаланып тартып жатты. Семен Афанасьевич "кантер экен" дегенсип катуу жөтөлүп кара күчкө чучкуруп кобурай баштады.Анын чучкургөнү, жөтөлгөнү канчалык көңүл бурарлык болсо да, Жапар караган да, байкаган да жок. Ар жагында иштеп жаткан балдар Семен Афанасьевичтин кара күчкө эчкирип чучкургөнүн сезип, кулуп жиберишти. Жапар оболорду тартып жаткан эле, ал алардын күлгөнүн байкаган жок, алардын өзгөрүлгөн кыймылдарын гана байкады.

-Ай, Узак ай,- деди Жапар- колун жансап, сенин позаң өзгөрүлүп кетти, мурункудай кырыңды салып тур, сен- деп экинчи баланы жансап- көчөтүңдү көрсөтүп ,

ыразы болгондой кулуп тур, ошондой, ошондой. Аз эле калды. Бали бали, так ошондой.

Карап турган эки суретчу Жапардын көңүлүн бургусу келбеди. Көрүп турган балдарга "билдирбесе" дегенсип, колдорун жансап, акырын сүйлөшүп, баштарын ийкешти да, арыктын боюна олтуруп, байкай беришти...

Жапар улам- улам кетенчиктеп сүрөтүн карады да:

-Узак, сен ишке жарадың, эми болду,- деди.

Теперь хватит- деп, Семен Афанасьевич жанына барып тура калды. Жапар селт дей түштү, Афанасьевич жыйнап жаткан станогун таштай коюп, чоочун жигитке таңыркай калды. Жаңыдан туруп жаткан неме Абрамовду көрө койгондо, эриксиз жылмайып.

-Саламатсыңбы?- деди.

Абрамов окуучусун Семен Афанасьевич менен тааныштырды. Эки суретчу келгенде, Жапар алка-шалка тердеп кетти.

Семен Афанасьевич Жапардын мойнунан кучактап,далыга каккылады:

-Биз эми үчөөбүз, бирок сен кыргыздан чыккан туңгуч сүрөтчүсүң. Бүгүнкү таанышуу түбөлүк үзүлбөс достуктун башы болсун, жүр сүйлөшөбүз.

Бирок шашуу керек

Жапар Москваны көргөндө башка дүйнөгө келгендей болду. Башынан өткөн оор күндөрү эриксизден көз алдына элестеди. Семен Афанасьевич "эмне көргүң келет" деп Жапардан кеңеш сураган жок.

-Жүр, галлерея көрсөтөм,- деп өзүнүн аялы менен кошо Жапарды ээрчитип, бир топ музейлерге алып барды. Жапардын башы маң болуп чарчай баштады. Түшкө жакындаганда Третьяковский галлереяга киришти. Семен Афанасьевич сүрөттөрдүн тарихин, авторунун өмүр баянын мончоктой тизип сайрай берди.

Мына бул сүрөттү карачы. "Появление христа",-деди сүрөтүнүн жанына келип- муну 30 жыл иштеген, чын

искусство өлбөйт, ал эмгекти, талкалагандыкты, өжөрдүктү, билимди талап кылат. Албетте, түшүнбөй иштеген нерсе ж искусство болбойт, шакел болот. Бир нерсе жазуу үчүн,аны кылдаттык текшерүү керек. Сен ушуну унутпа, турмушта жеңил эчтеме жок,- деди Семен Афанасьевич.

Жапар канчалык чарчаса да таң атканча уктай алган жок, көргөн сүрөттөрү лентадай тизилип, көзүнө көрүнө берди. Кыялдан кыялга өтүп баратып, көңүлүнө коркуу да түштү.Семен Афанасьевичтин сүйлөгөн сүрөттөрү агымдары, Жапар үчүн күч жеткис караңгы болуп сезилди. Кайта кеткиси да келди. Кетпей башка окууга киргиси да келди.Семен Афанасьевичтин: "Турмушта жеңил эч нерсе жок"- деген сөзүнө такала калып:

"Ырас- деди кубүрөп: "Жеңил эч нерсе жок, аны күч менен жеңилдетиш керек. Эмне болсо да эртең көрөм го"-деп, далайга чейин дайынсыз ой менен жатып, таң агарган кезде, үргүлөп кетти.

Семен Афанасьевич менен Жапар сүрөт училищесине киргенде, күн түшкө жакындап калган эле.

Жапар жаңгыраган залга киргенде, боёктун кулумсу жыты бурдей тушту. Шейшептей ак кагаздарга, грунттогон холстарга сурет тартып жаткан жигит-кыздар биринен сала бири жалт-жалт карашып, өздөрүнчө кубүрөшө калышты. Көзүндө айнеги бар, көк ала сакал сүрөтчү- профессор аларга иш жузундө тушундурду.

-Сүрөтчу байкагыч, сезгич болуу керек- деп, профессор кулуп туруп эскертти да, -эчтеме эмес, бир кезде менин сөзүмдү Сиз дагы айтасыз, эмесе ишке киришелий деп, далдайган кагазды доскага жабыштырып койду. Корунуп турган Жапар уялгандан тердеп кетти. Мукактанып, жер тиктеп туруп: "Кечириңиз, профессор",- деген сөзду араң айтты.

Узун чач, ак кыз Жапарга карап:

-Жаңы билиш! Кандай дейсиз? Менимче моюндун көлөкөсу коюураак го- деди колу менен көрсөтүп. Мындан ары тааныш болобуз. казаксызбы?

-Жок, мен кыргызмын - деди Жапар, кыздын сураган кеңешине жооп бербестен- Сиз казакстандыксызбы-деп, бир аз козголуп койду.

-Ооба, демек, биз жердеш экенбиз, мен каштектик болом, Сиз кай жердесиз?

Жапар жерин алыстаткысы келген жок, калп айтпаган неме саал жылмая түштү да:

-Менби, мен токмоктукмун- деп Каштекке жакын жерди айтты.- Мен андан кичине кезимде кетип калгам, аларды таанибай да калдым- деп, алдын ала акчылана баштады.

Ал кездерде томолок бет кийык көз кыргыз, казактарды көрбөгөн Москва жаштары үчүн эң эле кызык байкалчу. Бул залдагы жаштар өңү сертирээк жонток Жапарды көргөндө, анын көзүн, жүзүн, жаш болсо да, наардуу кабагын көрүшүп, таңыркай беришти. Алардын ичинде ишке жалкоо, оюнду жакшы көргөн тентек- Сергей деген бирөө бар эле. Ал өзүнүн сулуулугу менен мактанып:

-Мен Байрондон да сулуумун, ал акын болсо, мен сүрөтчүмүн- деп, өңүнө өзү көрөтон болоор эле, ал ошончолук сулуу болсо да, кандайдыр белгисиз сыр аны суйкумсуз кылып көрсөтчү, ага кошумча анын мактанчактыгы менен аксымдыгы анын сулуулугун таптакыр жокко

чыгарып таштаган эле. Анын сулуулугунан эч кандай жылуулук сезилүүчү эмес. Сергей, башкаларга караганда, Жапарга бөтөнчө таңыркады.

-Эй,дорогой,- деди Жапарга жакын келип,- силердин элде сулуу кишилер болобу? Же бары тоголок бет, кетирекей болобу?- деп бөйрөгүн таянып тура калды. Бул сөз Жапардын кыжырына тийди, Жапар анын маңдайынан көп нерсени окуп жибергендей болду.

- Ар бир элде сулуу болууга мүмкүн, сулуулук сырткы көрүнүш менен чектелбейт да, мен адамдын ички сулуулугуна суктанам.- деди Жапар. Ал чыйралып кетти.

-Туура, туура,- деген үндөр туш-туштан чыкты. Сүрөт тартып жаткандар бир бирден келип, сөзгө аралашты.

-Абдан туура,- деди ак кыз. Мен жаратылышка түк ыразы эмесмин. Сырткы кабыгы сулуу болуу менен бирге анын ички табийгы, жүрөгү, маңызы дагы да сулуу болсо, кандай сонун болор эле,- деди.

-Сен мага карата айттың го, Вера, мен билем, сени түшүнөм,- деди сулуу жигит. Акырая карап, мойнун көтөрүп.

-Өзүңөр меңдей болсоңор, кантер элеңер?

-Куда сактасын- деп, Вера күлүп жиберди.

-Сен ~~эмне~~ эмнесиң, жансыз муздак мырамыр ташсың, көргөндө көргөн жерде өлүк сыяктуу ~~жадап~~ калып бересиң.Бизге жылуу сулуулук керек, муздак сулуулуктан көрө, жылуу эсте каларлык ички сезим, жандуу элес керек.Түшүнүктүбү?- деди.

Сулуу жигит ага териккен жок, анткени- ал өзүн өзү мактап, өзүнө өзү ишенип бүткөн болучу.

Сүйлөгөн сөздөрдүн бардыгы Жапарды оордуктан куткарып жаткандай туюлду. Ал боюн токтотуп тең ата тарта түштү.

-Мен Москвага биринчи келдим, мындай жайды түшүмдө да көргөн эмесмин- деп жымың этип койду да,- кандай башташ керек, балким, көрсөтөрсүңөр- деп колундагы жоон графитти кагазга тийгизбей жаңсай баштады.

Жапар көзүн ирмеп, бирдемени эске түшүрдү. Ак кыздын элеси, сүйкүмдүүлүгү интернаттын тарбиячысы Наташага окшош боло калды. Профессор Жапардын ~~жасап~~жатках тарткан сүрөтүнө көз жиберип, жаңыдан кирип келе жаткан

профессор тиктеп тура калып:

-Ыракмат, балам, ыракмат, жетет, жетет- деп,профессор Жапарды далысынан кучактап: "Иш эми эч жакка качпайт, сүрөтчү болмоюнча сени да эч жакка жибербейм. Сенин элиң бизден да, Сизден да көп нерсени талап кылат. Берүү, берүү-биздин жумуш, алуу, алуу- Сиздин жумуш- деп, сакалын сылады, -өмүр кыска, иштей билгенге убакыт жетишет,бирок шашуу керек",- деди.

## Согуш кайгы, согуш улуу сын

-Жалгыз буттун кадамы соо кишиникинен арыштуу болот карачы деп жанындагы жолдошуна карап, жалгыз буттуу ак жүздүү арык жигит кулуп коюп, балдак менен секемандап арыбери басып, сүйлөй баштады.

-Наалат сага, кайсыга күлөсүң?- деди чолоктордун бирөө, эки буттуу арстан болгончо, төрт буттуу мышык болгон жакшы, бизге эми ким карайт, ким! Баягы сени менен жүргөн кыздар карайбы? Сен мурун кандай элең, балалайканы колго алып, "кыздар менен үн алышам" деп ойлойсуңбу? Жок,жок, колундагы

эки балдакты алып таштаса, бечелдей жалдырайсың, түшүндүңбү? Эми түшүндүңбү? Мен туура айтамбы- деп, кыжырланып колун таңган кер мурут жигитке карады.

Кер мурут жигит көзүн сүзүп, көңүлсүз карап, бир аз унчукпай турду да, көзү менен күлүп:

-Кыздар сенин бутуңду сүйбөйт, сенин адамгерчилигиңди, эрдигиңди, жүрөгүңдү сүйөт. Албетте, ошондой- деп, тим болду.

-Ал келжирей берет,- деди балдакчан жигиттин бири,- биз жамандыгыбыздан чолок болгон жокпуз, же ата бабадан жугуп келе жаткан тубаса эмеспиз, түшүн, мекен,мекен, мекен үчүн!- деди.

-Мекен, мекен. Сен мекенди менден артык көрөт экенсиң, сен эселексиң жарым жан үч шыйрак болгончо, боордоштордун көрүндө менин атым жазылып турса, мен ошого ыразы болот элем. Тфу, жан кандай бек,- деп наалып,балдакты жерге чапкылап- келе, күйгүзүп алайын- деп, биреөнө бурулду. Госпиталда жаткандар унчукпай гана тыңшай беришти.

Эки буту жок, бир көзү сокур, кең көкүрөк ак жигит кроваттын үстүндө олтурган эле.

-Борька,- деди наалыган жигитке- бери карачы,бери келчи,- деди, ал жакындай бергенде, жолдошунун балдагын ала коюп- ме, сага- деп ошону көздөй шилтеп жиберди.Наалыган жигит балдагын такылдатып, от баскандай секирип кача берди.Оорулар жалпы күлдү.

-Жок, өлгүң келбейт, кана!

- Тос, тос башыңды!

- Сен өлгөндү жакшы көрөсүң, качпа!

- Боордоштордун мүрзөсүндө болосуң, башыңды тос!

Ар бирөө сүйлөгөн сайын жарадарлар күлө баштады.

-Мына дагы күлүшөт, эмне күлөсүңөр, айтчы?- деп наалыган жигит кызууланып бакырып олтура калды.

Эки буту жок жигит балдакты таштап:

-Түшүнбөйсүң, боорум түшүнбөйсүң, өлгүм келет дейсиң. Өлүүнүн кереги да жок. Чолок деп сени эч ким кемитпейт, тескерисинче... Мына мени көрдүңбү, балким мени акмак

дээрсиң! тескерисинче. Ырас, эң эле оор, мен мекениме да, элиме да мунжулугум менен мактанам. Мен жашчылыгымды.. Өмүрүмдү, бардыгын жоготтум. Ким үчүн? Тууган эл үчүн, ата-эне үчүн, сен айткан сонун кыздар үчүн, улуу Россия үчүн! Мени кордоого эч кимдин акысы жок!... "Мен сен үчүн ушинттим" деп ар бир совет кишисине айтууга акым бар. Алар бизге "ыракмат" деп ар бир совет кишисине айтууга акым бар. Алар бизге "ыракмат" дейт "силер бизди коргодуңар, силер Россиянын чеби" дешет. Ал эки жакты карап- чын эмеспи, жолдоштор? Ырас, бизге эң эле, эң эле оор, бирок биз Россияны коргоп калдык.Оор болсо да, жеңил... "Же өлдүм, же калдым" деп согушканбыз, эсиңердеби? Азыр биз душмандын уюгун талкаладык,демек-максат орундалды. Эми биз жашоого тийишпиз,Кандай дейсиңер?

-Туура.

-Туура абдан.

-Туурадан да туура.

-Ал эми түшүнөт...

Баарыдан мурда ал корккондү билет, демек- өлүмдөн

коркот... Жарадарлар наалыган жигитти жат эчкидей кылып шылдыңдап, корута башташты. Наалыган жигит балдагын тарсылдатып, эки буту жокко жетип келди да:

-Канткен менен сеники туура. Кыздар коён болсо да качып кутулбайт- деп бортулдап күлүп олтура калды да:

-Чынын айтканда, бирдемебиз кемигенсип турат.Дагы чынын айтканда бардыгы- бардыгы болучусу болду, жүргүлө, залга барабыз... Жаңы плакаттар келди- деп полду тарсылдатып өзү жөнөй баштады. Эки буту жок мунжулардын айгын калгандары жото жиликтери менен басып, кээ бирөөлөрү колдорун балдак кылып, секирип чыга баштады. Баса албагандары тигилерди телмире карашып:

-Сестра, ай, сестра, бизди алып чыккыла- деп, эшикти карап жалдырашты.

Плакат илип жүргөн арык ак чач кемпир.

-Келгиле, жолдоштор! Мына бул чабуул силердин аракетиңер- деди.

Наалыган жигит бирдемелерди балдырап, кейкендеп, залды кыдырып бара жаткан эле.

-Эй, бабушка, Сиз жаңылыштан жолдоштор дебестен, балдарым- деп айтсаңыз жараша калаар эле. Мейли, мейли, согуш бардыгын кыйшайтып көрсөтөт окшойт, ошондой болсо да, мен Сизди кыйшайтпай туура айтам, бабушка деп, эй, бабушка дейм.- ал каткырып күлүп,- бабушка, армияда балаң барбы?- деди.

Ак чач жылмайып күлдү да:

-Бар, армияда балдары болбогон аял болобу, баарыңар менин балдарымсыңар- деп, жоокерлерден суроо күткөнсүп, чегинип тура калды. Жоокерлер аялдын сөзүнө ыраазы болгонсуп жылмайып- туура, мамаша, туура- деп коюп, кадалып сүрөттү карашты:

-Эчтемеге түшүнбөйм,- деди наалыган жигит аркасын карап:

-Эй, национал, бери келчи, сен сүрөтчүмүн дейсиң, мына бул кандай тартылган. "Батальний"... деп мунусу айтабы, тигинисин айтабы? - деди. Эки буту жок мунжу жигит кыжырлана түштү.

-Борька, йэ, Борька, - деди наалыган жигитке- сен

кайдан тарбиялангансың, эмне деген адамсың, он беш күн-
дөн бери палатада катар жатасыңар, эмне үчүн аты жөнүнөн
айтпайсың? Сага үйрөтүш керек болсо: жолдош ст. лейтенант
Жапар Айтикеев дейт. Эх, тарбиясыз,- деди. Жоокерлерден
суроо күтүп турган ак чач аял, куду чочуган кишидей, селт
дей түшүп, жан жагын карады да, колу таңылган кер мурут
жигитти кадала карап, жакындап, барып, эки колун сунуп:

-Жапар Айтикеевич, саламатсызбы?- деди. Жапар жалт
карап, "саламатсызбы" - деп колун сунду, бирок тааныган жок.

-Сиз мени тааныган жоксуз, туурабы?- деп аял жылмайды,
анын дабышы жылаажындай жаш жана тааныштай угулду. Жапар
тааныштай, бирок алагды жылмайып: - неге, неге- деп мукак-
тана калды да- менин эсим ордунда эмес, энеке, кечирип
коюңуз, чынын айтсам, үнүңүз эле жылуу, эң тааныш, бирок
ажырата албай жатам, кечириңиз, энеке, - деп маңдайына тура
калды. Аял кыйналган күпкүү жүзүн тыржыйтып күлдү да:

-Мени Сиз эмес, энем да таанибай калган. Мен Сизге
эне эмесмин, мен Сизге курбалмын- жоокерлер чогулуп таңыркай
калышты. Сиз менен бир класста олтуруп, "1905"-жыл атындагы

училищасын бутурген Веранын унутпасаңыз керек- деп Жапарды колдон алды. Жапар таңылган колунун ооруганына караган жок.

-Вера, Вера Васильевна, чын эле ушинтип калдыңызбы, кечириңиз? деп Вераны кучактай калды да маңдайын анын көкурөгүнө коё койду.

-Мен эч качан унутпайм, мына ушул жерден баштаңыз- деп жоон графит карандаш менен биринчи сурет тарткызган ак кыз Сиз болчусуз, Сизге эмне болду? Мен көзүмө ишенбейм, бул туура эмес,- деди Жапар.

Веранын көзүнө жаш толо калды, анын аппак чачтары бириндегенсип, тиши жок жаак эттери болоор болбос булкулдөй түштү да:

-Ишене бериңиз, - деди.

Залдагы боецтер чагылган тийгендей жым- жырт болуп, жай жайында туруп калышты.

-Мен сага сырын түшүндүрөм, - деди Вера эки жакты карап- кааласаңар Жапар Айтикеевич экөөбүз тарыхтан баштайбыз,- деп Вера олтура калды.

-Айтыңыз.

-Шоокерлер, олтургула.

-Канча кааласаңар, ошончо сүйлегүле, керек болзо, госпиталь жабылганча сүйлегүле, бизге эрмек керек, жакында май жаңырат, эч болбосо ошого чейин сүйлегүле.

-Бул кандай шумдук.

-Мына сага, энекем десем, карындаш болуп чыкты. Өчтеме ни түшүнбедүм,- деп наалган жигит илгерилей түштү да кечириңиз, мадам, кечириңиз, - балдайын тизесине коюп олтура калды.

Аңгеме узара берди.

Шоокерлер тым-тым, учкан чымындын дабышы угулгандай болду.

-... Өз көрүбүзду өзүбүзге каздырды - деп, Вера оор улутунуп чачкын сүйледу.- Эң мурун еврей менен коммунисттерди бөлүп чыкты, алар жүзгө жакын, балким, андан да арбын болсо керек. Шаардын сыртында, ээн талаада, чырмооктой, мыктуу зым коргондун ичинде элек. Ак гвардиядан болсо керек, балким, немецтер, орусча таптак сүйлөгөн, арбактай

узун капитан келди да:

-Ким жашагысы келет, жашайм дегендер колдорун көтөрсүн,- деди. Кыркка жакын киши колдорун көтөрдү. Аларды дароо бөлүп алып, ортосуна чогултту да:

-Силер, тетигил кызыл жолборстордун жанын аласыңар. ыразысыңарбы?- деди капитан, ары-бери басты, эч кимиси үнчүккан жок.

-Кайта айтам, ким жашагысы келет,- деди капитан.Кана колдорун көтөрсүн!

Бөлүп алгандардын ичинен төртөө кол көтөрдү.

-Силерге милдет түшүнүктүү го, - деди капитан.

Кол көтөргөндөрдүн экөө саал шыбыраша түштү да, анын бирөө:

-Господин капитан, эмне менен өлтүрөбүз- деди.

Капитан резинке камчысы менен санын чапкылап:

-Жерди эмне менен казасыңар, ошону менен өлтүрөсүңөр, түшүнүктүүбү. Жүргүлө,- деди. Шыбырашкан экөө баскан жок:

-Силер ошону каалайсыңар~~бы~~ го?- деп уурту менен күлүп, капитан ал экөөнүн маңдайына келди.

-Каалабайбыз!

-Каалабайбыз!

-Эч ким каалабайт! - деди менин атам. Советтер Союзунун аш-нанын жеш, тузун таткан ак журөк кишилердин бирөө да каалабайт. Ал элге кайрылып катуу кыйкырды:

-Биздин адамдар! Намыс менен өлөлук, менде коммунисттик билет жок, бирок мен большевикмин, - деди.

Капитан атамдын алдына шумшуңдөп жетип барды да кардай аппак узун сакалынан кармап, беттен ары салып-салып жиберди. Атам саал темтеңдей тушуп, оңоло калды да, капитанды кан жалата койду. Айланада турган желдеттер кажылдай тушуп, даярдана калышты. Капитан атамдын чордуу колунун учу менен кошо тоголонду. Ал кан жеген ит оолдонуп тура калганда, тумшуктан ары дагы бирди жеди. Атам шашкан да жок, кызуулланган да жок.

-Украиндар ушундай болот,- деди бирөө.

Желдет капитан ордунан тура албай жатып, жанындагы

тапанча

тапанчасына тырмышты, атам дагы кол кайтарууга жараган жок. анткени- эки желдет аны жулкулдатып калган эле. Капитан тура калганда, атамды кармаган эки немец кетенчиктеп тура калышты. Тарс-тарс эткен тапанчанын уну угулду. Атам муштумун туйгөн бойдон оолжуп барып кырынан кетти. Атамдын жанында турган энем, мени эки сиңдим атамды да сүрткөн жок, куду ошолордун канын жеп жаткандай сезилди. Курумшудай жээрде чачын саксайтып, чатын керип тура калды да, кучактай жыгылгандарды бир бирден чокуга атты. Мен бакырганда, менин куйөөм, оозумду баса коюп, аркасына далдалай койду.

-Ким бакырды, ким?- деп желдет капитан бакырып тапанчасын көтөрдү. Эч ким үнчүккан жок. Немец офицерлеринен үчөө чуркап келип честь беришти да, капитанды лагерге алып чыгышты... Он минут өтө электе коммунисттер менен еврейге пулемёт коюшту. Ошол эле күнү бизди башка лагерге айдашты, басалбаган ачкалар, карыялар, саал чегине түшкөнөө кылычтын мизинен өтө беришти. Ал лагерь өлүм лагери деп аталчу. Лагерге кырк сегиз гана киши жеттик.

Вера ушул жерге келгенде, "туштук ичкиле" деп сестралар жоокерлерди ээрчитип чыга башташты.

-Чач ошондо агарган экен да,- деди эки буту жок мунжу...

-Ошондо, тууганым, ошондо,- тишти карасан алды, чачты коркунуч боёду- деп Вера Жапарды колтуктады.

-Мен жаңылбасам, Сиз жыйырма жетидесиз- деп, Жапар Веранын аппак чачын сылады да,- согуш кыйын, согуш улуу сын.- деди.

## Ал жокту издеп баратат

-Эч ким билбейт, эч кимге сырын айтпайт, анын жүрөгүндө белгисиз жалын, бууракандаган толкун жаткандай сезилет. Жапардын мунусу таң каларлык жорук, кээде кыжырланып өкүнүчтүү сүйлөйт. Кээде балыктай тилсиз болуп жалдырайт. "Сага эмне болгон" деген суроого, "аны Сиз билбей эле коюңуз" деп кыска гана жооп берет- деп Узак жолдошуна карады да, экөөбүз аны менен бирге окудук, бирге өстүк, ушундай жүрүштүк

журушун көрдук беле? Жок, менимче биреөнү сүйгөн болуу керек же анын оор кайгысы бар, же бирдемеге наараазы. Кээде муну талмабы деп ойлойсуң.

-Эмне үчүн?-Деди жазуучу Абдыбек- анда кандай наараазылык болсун? Сен бирдемени чоңойтуп фантазиялап көрчү элең, нигатибиң кыйшык тартып калып жаңылыш болуп жүрбөсүн?- деди Абдыбек. Узак болор-болбос кыжырланды, далайга чейин үнчуккан жок, туруп койгон көйнөктүн жеңин кармалап, алаканы менен чачын сылап- сылап койду.

-Мен билбесем айтпайм го, айланайын, ишенбесең,барып деле көрөлүчү, анын жүрөкгүндө белгисиз оор кайгы бар, дагы айтам, кайгысы бар.

-Мейли, баралы.

Таарынышкандай сүйлөшпөй калышты. Узак алаканын жазып салаасындагы папиросун оозуна алып барганда, анын чыпалагы серейип турду, ал алаканын жыттап тургандай сезилди. Узактын бул сейрек каадаланып көрунушу бирдемеге наараазы болгондо, бөтөнчө ойлоноор алдында сезилээр эле.

-Очень жаль- деди Узак орусчалап-что Вы, очень мало понимаете о человеке...Хотя ты поёт...

-Сен бирдемени беш-алты эсе чоңойтуп көрсөтөсүң, ал туурабы? Экөөбүз бир бирибизди сынабай эле коёлук. барсак эле биле койбойбузбу?- Абдыбек шашылгандай болгон-дой - сен ыгы жок философиялык кыласың, анын үстүнө...

-ал сөзүн бүтпөй- тээтигине, өзү да келатат. Куландан соо эле келатат.

-Жакшы, эми байкасаң,- деди Узак.

Жапардын жакасы топчуланбаган, өз кадамын өзү санагансып, жерди тиктейт. Кыялдын терең, мээлүн ваннасында жаткандай сезилет. Анын башында кандай жүк бар экенин өлчөш мүмкүн эмес.

Жетелеген овчаркасын мактап баласы менен сүйлөшүп шаңкылдап, тааладуу күлүп, терпиисинен өткөн багылдыр аялды да, каршысынан жарышып келе жаткан төрт баланы да Жапар байкаган жок. Ал ээн талаада, жаш жалгыз бараткандай болуп көрүндү.

-Чын бекен?- деди Узак жанынан өтө берген Жапарды көрсөтүп- мына, буга эмне дейсиң?

Абдыбек унчуккан жок. Жапардын изин улай карап, колун создy да:

-Бул чын эле соо эмес,- деди.

Дзержинскийдин кудурейген жашыл дарактары, бөтөнчө станция жагындагы элпек, жаш кара жыгачтар "бизди ушулар олтургузган эле, эсиңдеби, Жапарды алагды кылбайлы, ал ойлонсун" дегенсип, былк этпей магдырап турушту. Дудардай болгон жаңырыктардын арасынан түшкөн келки-келки күндүн нуру Жапарды шыкаалап, көрүп жаткандай туюлду.

-Көңүлдн бөлбө, ойлонуп баратат,- деди Узак- азыр анын башында, поэзия, фантазия, пейзаж, сүйүү... Карачы, ал парнастын чокусуна баратат, эми ишендиңби? Абдыбек ордунан тура калып, саал жүкүнө түштү да, Жапарды сөөмөйү менен шаша көрсөтүп- вот тебе на, бул соо эмес го. Мунун көзү да ордунда эмес го, бул кайда баратат? Вот тебе на, аллейде бараткана ракмат, ушул кебетеси менен

көчөгө чыкса, сөзсүз машина басат, башын балжа кылат, токтотуш керек- деп, ылдамдай басып:

-Жапар, ой, Жапар!- деди. Аллейде бараткандар жалт жалт карашты. Абдыбек аларга назар салбастан дагы кыйкырды. Кай бир кишилер Жапарды чакырганын билип "качан кылчаят" дегенсип, ага олоё карап өтө беришти. Колтукташып бараткан эки кыз, кыйкыргандый эрээн көргөнсүп, шыбыраша түштү да, жымың этишип, "аллейде бакырганыңыз уят эмеспи" дегенсип өтө беришти. Абдыбек угузбай айткан кыздардын сөзүнө түшүнө койду, анын өңү тамылжып, кирпиктери суюлгансып, көзүнүн алды ымшый түштү.

Ёкиня

Сезгич Узак эриксиз күлдү да:

-Саал уятыраак болду ээ?- деп ээрдин жалап, мекчейип тура калды.

-Жүр, аркасынан барабыз.

Алар тура калып, папирос күйгүзүп жатканда, партком Болотбек мекемесинен келаткан эле, ал каадасындай жаркырап күлүп, тамашалап сүйлөдү:

-Кош, адам жанынын инженерлери, кимдин журөгүн текшерип жатасыңар?- деп кол алышты да- силерди көргөндө куду аары көргөндөй болом, жок, токто. чагасыңар дейин дегеним жок, гүлдөн гүлгө конуп, бал тарткан аарыдай, сөздүн чүйгүн, таттуусун табасыңар. Көңүлдү эркелетип, журөктү жылыта турган назик фраза издейсиңер. Кайрат бере турган кылычтан өткүр пикир бересиңер. Чын эле силерди көргөндө, гүл соруп жаткан аарылар эсиме түшөт. Же мунум жалганбы?

-Ашыра мактап жибердиңиз. Мейли. Ошол мээнеткеч аарылардын бирөө жөнүндө сүйлөп жатабыз. Олтуруңуз, бүгүн дем алыш го, жарым саатпы? Мейли! Сөз Жапар Айтикеев жөнүндө барат- деп болгон, уккан, көргөндөрүнүн бардыгын айтып бүттү да:

-Мына, буга Сиз эмне дейсиз. Ал бирдемеге- наааразы болуу керек, биз анын аркасынан бармакпыз.

-Демек, силер начар инженер экенсиңер- деп, Болотбек жылмайып, Узакты далыга каккылап- көп билем деп мактана албайм, бирок адабият менен искусствонун өкүлдөрүн

дурус билем. Менимче аларды көбүнчө талант кыжырлантат. Алар сулуулукка да, турмушка да өтө соргок болот. Чын чеберлердин кайгысы өздөрүнө алымсынбагандыктан чыгат. Биздин авалда Жапар кичинекей киши эмес, моралдык жагы баш бармактай. Жүрөгүнүн үстүндө Ленин ордени баштан төртөө турат. Менин оюмча анын наараздык кайгысы жок, мезгилдүү чыгармачылык кыжыр болуу керек. Силер аркасынан барбай эле койгула, кечинде үйүнө барып сырдашып, маектешип кайткыла да, эртең саат ондо мага кабар бергиле. Кандайдыр жетишпегендиктен чыккан кыжырлануу болсо, аны эмдеш эң эле оңой, бирөөнү сүйүп калса- деп токтоло калып күлдү да- силерде андайлар аз болбойт дейт го. Андай болсо, анын керт башынын жумушу. Ал бир аз ойлонгондой, портсигарын алып ойлоно калды да:

-Талантка дем бере турган, туйгуларын ойгото турган көрүнүштөр, албетте, керек, жылдын төрт мезгилиндеги орчун таасирлери, адамдын колунан жаралган жомоктолгон курулуштар, турмуштун түрдүү майда буроолору, коркунуч, сүйүү... Ооба, ооба, сүйүү, күлбөгүлө, сүйүүнү кең

маанидe

маанide айтып жатам. Чын чыгармачылардын азыгы да,сүйө билген, сулуулукка суктанбаган, достуктун татыгын билбеген, кастыктын отуна жылынбаган кишилер турмуштун тең картысынан кур калган менен тең- деп ойлойм. Бул өтөнчө силер үчүн керек. Кыялдан учкур, кыялдан оор, кыялдан элпек эч нерсе жок болуу керек. Балким Жапар бирдемеге кыялданып жүргөндүр. Кыялдануу керек. Кыялдана билүү керек!- деп өчүп калган папиросун дагы күйгүзүп алып -адабаят менен искусствонун адамдарына абай шүйшүнөм- завидую, сүрөтчүлөрү жаса.. алат, жазгычтары жазып алат, кай биреөлөрү обонго салат.

Чынын айтканда силердин ишиңер да, кылык- жорукуңар да, элге үлгү болгондой болсун. Эл силерден үйрөнгөндөй, жаштар силерди туурай турган болсун. Эл болсо силер үчүн окуп бүтпөгөн кызык роман сыяктуу, силер алардан алып бүтө албайсыңар. Силерден кийинкилерге да калат. Эл- чыгарманын булагы. Силер агып жаткан булактан чөмүрүп кана аласыңар...

-Да, Сиз туура айтасыз- деп Узак, адатынча чыпалагын

серейтип, алаканын жыттагансып, тамекисин тартты да, жымың этип секретарга карады.

Жолдош аға Болотбек. Жапар бирөөнү сүйүп калса,кантебиз?

Мен ага ишине албайм. Бирок анын түнүк сүйгөнүн мен жакшы билем.

Маселен? Маселен искусствону. Ошол сүйүүгө бардык өмүрүн жумшайт деп ишенем.

-Балким,- деди Абдыбек,- ырастан да ошондой сүйүүдүр. Ал өтө назик сезгич адам. Ал сүйгөнүнө алымсынбаса, чөгүп кетүүгө тийиш.

-Мунуң туура,- деди Болотбек- чөгүп кетүүгө жиберүүгө болбойт, кээде белгисиз себептер менен илхаам качкансып сезилүүгө мүмкүн... Жаңылбасам илхаам көрбөз сулуудай кыжырланат, аны ээлеш үчүн аркасына түшүп, ишендирүү керек.

Берки экөө каткырып жиберишти.

Жапар станцияны көздөй кеткен эле, ал бир далай убактан кийин кайта өттү. Анын азыркы көрүнүшү жаңкыдай

эле, ал аллейден чыгып шылдыраган арыктын суусун бойлоп барат. Бирдемесин агнзып, ойногон балдарча, токтоло калып, суунун агымын карап, улам жапырактан үзүп, алаканын чапкылап, өзү менен өзү алек болуп өтө берди. Таанибаган кишилер Жапардын бүгүнкү жүрүшүн байкаса, сөзсүз "эс алаң шордуу" деп түшүнөөр эле. Ал Болотбектерди байкаган да жок, өзүнөн башка дүйнөдө эч ким жок сыяктуу көрүндү. Аны көрө коюшканда, беркилер унчукпай гана акмалап калышты, ал жүз метрдей өтө бергенде гана:

-Бул өзүнүн ички дүйнөсүн аралап баратат. Эгер андай болбосо, бул жинди болгон,- деди Уаак, ал ордунан тура калып, улутунуп койду да- барып алып келейинби,- деди.

-Жок, тим кой. Бул таңгаларлык ххххххх көрүнүш,балким бөлөору болуп жүрбөсүн? Мындай назик кишилердин өмүрүнө бөлөнүп, бүтүнчө аялынын мамилеси да таасир кылат. Анын түшүнгөнүн эң жакын кишиси түшүнбөсө, андан оор эч нерсе болбойт. Силер жакын жолдошуңар, бүгүн, кайдан да болсо, үйүнө барып, көңүлүн ачып кайткыла.Эртең мен билгендей болоюн.

Туштөн кийинки әлпек жел дарактардын жалбырактарын болор болбос дирилдетти. Дарактар тааныш Жапарды аягандай, өздөрүнчө кеңешкендей, "ай-ай-ай, сага эмне болгон?" дегенсип оолжуп, Жапар кеткен жакты көзөмөлдөп, баштарын чайкагандай болушту.

Болотбек папиросунун көңдөйүн үйлөп туруп, портсигарга каккылап, далайга чейин унчукпай турду да, жолдошторуна карап:

- Ал ойдун адамы да,- деди ойлогондой- менин оюмча анын көңүлүндө чиелешкен драма, поэзия, фантазия ал аны чечүүгө тийиш, ал жокту издеп баратат,- деди.

## Мегзил учат

Абдыбек менен Узак Жапардыкынан кайтканда, саат бирден өткөн эле, деңиздин бетиндеги электрдей жылтылдаган сансыз жылдыздар кыйры жок асмандан жерди тиктешет, Жапар жөнүндө маектешип келе жаткан тигил экөөнүн сөздөрүнө түшүнгөн эмедей, жымыңдашып, көздөрүн кыскандай болушат.

-Үйгө конбой жүргөнү себепсиз эмес, анын жүрөгүнө бирөө жалын таштап койгон окшойт. Ооба, өз башындан деле өткөндүр? Сүйүүдө акыл болбойт. Сүйүүнү бийлөөгө кээде акыл чабалдык кылат, андайды өткөрдүк го.

-Туура эмес, фантазёрдум, сүйүүнү акыл бийлебесе, адам жинди болуп кетпейби?- деди Абдыбек- акыл адамдын шофери да, машинаны башкара билбесе, ташка согот же жардан кулайт Ырас, Жапардын жүрөгүндө белгисиз сыр же оор кайгы бар. Эмне үчүн? Анысы караңгы. Адамдын жанынын инженери болсок, анын сырларын билүүгө тийишпиз.

-Ал эми жар кайда болмок?

-Сыр ошондо да, үйгө кээде келип, кээде келбесе, ~~арак ичпесе~~, ачылып сүйлөбөсө, эмне деп түшүнүүгө болот? Сураса "Эмне кылат элең, акыры ойлоого, иштөөгө руксат болобу? жокпу?!" - деп кыска гана жооп берет имиш- деп асманды карап бир топко турду да,- эртең саат ондо жолугалык. Болотбекке чынын айталы, кош,- деп Узакка колун берди да, сыры чечилбеген досунун тентек кыялынын карамагына төкөрүп, көңүлсүз кибиреп, үйүн көздөй жол тартты.

Жапардын мастерскоюна жакындай бергенде, электри уйлөп жиберген чырактай жалп дей тушту: "Балким, сторождур, Жапар тунде эмне кылып журсун"- деп коопсуз карап турду да "эртең сторождон да сураш керек экен"- деген ойго келди.

Мастерскойдогу сторож эмес, делбеленип, кыял менен аямн алп, урушкан Жапардын өзу. Ал лампаны өчуруп койду да, тундукке караган чоң терезелердин бардыгын ачып,мас кишиче омуроосун рамага такап, мемиреп, ургулөп жаткан дарактарды, жым-жырт көчөну карады. Айдын шооласына бөлөнгөн кумуштөй сыйда теректер менен жай гана кеңешип жаткандай туюлду.

Ээш...Жапар, Жапар, сен ким элең, ким болдук! Эмимиңдетиңе тушунөсуңбу? Талант, шык! Мен же шыгымды жоготкомунбу? Ал көрунуп коюп, качып кеткен туштөй сезилет... Кандай оор, кандай коркунучтуу. Эл менен жаркыраган жаңыны талап кылат. Мен болсом, кыялдын деңизинде уйкусуз тундөр менен алек болом. Тынакчы? Жок! Баары бакы.

Ал кетенчиктей тушуп, оор ушкурду да, лампаны жагып

жиберди. Станокто турган далдайган холстун бетиндеги көмур менен тарткан наброскасын далайга чейин тиктеп, аны тартып жибергиси келди, кыжырланган бойдон эшикке чыгып, кечөнун ортосуна барып кара көк тарткан кирсиз асманды, ай нуруна бөлөнуп заңкайган ак чач кербез тоолорду карап, табийгаттын эбегейсиз сырдуу кучунө, сулуулугуна таңыркагандай болду.

Карип түзгөн мончоктой тептегиз учкан каркыралар "кыйк- кыйк" деп кайдадыр чыгышты көздөй кетип баратканын сезе койду да, төбөсүн карады. Каркыралар көрүнгөн жок, бирок алардын канаттарынын учтары тийише жаздап, үмүт менен кайдадыр алыс жолдо баратканын эстеди.

"Үнүн угузуп, караанын көрсөтпөгөн талантым ушулдур" -деден адамча кыял башына келе калды.

-Жок, мен чарчасам керек, кап кайдагылар ойго түшөт. Көрүнбөгөн биреөлөр мени кыйнап жаткансыйт, чарчасам керек. Ал эки колдош башын ушалап, мастерскойлор кайта бурулганда, улуу художниктердин өмүрлөрү эсине түштү. Кимдир биреө жөнүндө окуп жаткысы келди, мастерскойдо

„Искусствонун тарыхынкан"
"История искусстводон" башка эч кандай китеп жок эле. Ал китепти алып, белгилеген жеринен адашкандай болуп баракташ жиберди. Рафаэлдин канаттуу "Моданно, купидондоруна" токтоло калып, телмире тиктеди да, китепти жазган бойдон таштай салды. Кышында унутуп калган мыкка илинген кара теплушкасын жазданып, чалкасынан түшүп жата калды да, китепти бетине алды, анын көзү китепте болсо да, көңүлү башка жакта жүрдү, канча тырышса да эсинде эчтеме калбады. Китепти таштап, колун башына алып, эрксиз көзүн жумду. Жарык күйгөн электр үйдүн ичин белгисиз, адам ажыраткысыз, боёкко толтуруп жиберген - дей болду, Жапар кырына толгонуп, колун жаагына койсо да, көзүн канчалык чыйк жумса да, ылайланган кара боёк коюлана берди.

Ал тура калып терезени чоңураак ачып, чыракты өчүрүп, көзүн ачкан бойдон чалкасынан түштү. Мастерской салкын, сүйкүмдүү өңдөнө калды. Чырак өчөрү менен, проявителге чайкаган фотопластинедей болуп, кечээдегү асманга карай боюн керген шоодураган мырза теректер көрүнө баштады. Четте турган жоон бака теректи көргөндө, эски таанышын боолгогон- до

болуп, көзүн ирмеп-ирмеп алып, ыргып туруп, теректи тигиле карады.

Мындан жыйырма жети, жыйырма сегиз жылы мурда так ушундай теректин түбүндө, Жапардын атасы Айтике маркум чөп алачык жасаган эле. Аны Жапар унуткан эмес, унутмак түгүл ыйлагысы келе калса, ошол терек менен алачыкты сөзгө кыстырып өтөр эле. Кедей зергер менен интернаттын директору Сатарга Жапар так ошол жерден жолуккан, так ошол кепеден интернатка алынган. Тигил окшош теректи көргөндө, Жапар атасын көргөндөй боло калды. Ошентип, берки өмүрүнүн бардыгын көз алдынан картинадай өткөрүп, элестете баштады. "Кедей зергер азыр жүз жыйырмага чыкты, өкмөт ага пенсия берип, доктур бекитти. Наташа деген сени тарбиялаган аял ~~народный учитель~~ Эл мугалими деген наам алган, сен жөнүндө сөз айтыла боло калса: "Жапарды мен өстүргөм"- деп көз айнегинин үстүнөн карап, көрсөткөн боло калат"- деп жазган, Маматтын кечеги катын эсине түшүрдү. Эсине дагы кат түштү:

...-Жапар! Жеңиш мага кымбатка тушту. Жалгыз уулум-көзүмдүн курчу Үсөн болсо, кан төгүшкөн зор майданда кайтпас сапарга кетти. Ага өлгөндөн кийин, баатыр деген атак берген, аны өзүң да билерсиң. Карылык болсо конок болуп келип калды... Сен да менин баламсың, мен силерге бел байлаймын. Интернатты унутпа! Унутпай атаңа /мага/ кат жазып тур, мени баласыздай кылба, кагылайын...- деген Сатардын жазганын да ойлоду. Алда качан, биринчи ирет маңдайынан сылаган сүйкүмдүү интернаттын директорун ойлогондо ичи жылый түшсө да, анын карыганын, баласыз жалгыз калганын элестетип каңырыгы түтөдү. Улуу тунуп, башын көтөрүп, уча турган куштай эки-үч ирет канатын керип койду да, ар жагында турган стулду терезенин алдына коюп отура калды.

Түрмөктөлүп, кубалашкан толкундай эсине түшкөн бир пикирин кезекте турган экинчи, үчүнчү ойлору түрк түрткүлөп, ээ бербей жабалактай берди. Бөтөнчө улуу сүрөтчүлөрдүн картиналары галлерея сыяктуу болуп

Жапардын көз алдына келди, Рембранттын "Жоголгон бала" деген картинасы, Беласкастин "Француздар менен испандыктардын согушун" тарткан картинасы. Рафаэлдин "Канаттуу кишилери", Репиндин "Иван Грозный" аттуу картинасы дагы, дагы эсепсиз картиналардын ленталары жарк-жарк этип өтүп жатты. Бир кезде Суриков эсине түштү, тизесин кучактап, көзүн алайтып, бирөөгө кезенгенсип олтурган айбаттуу "Демон" Жапарды тиктеп олтургандай болду. Жапар эриксиз жылмайды, анткени- өзүнүн азыркы олтурушу, куду Демон ролундагы артист сыяктуу эле. Ал жылмайган ээрди кайта жабылганча ордунан туруп, чыракты дагы жакты. Уйку көрбөгөн, кызарган көзү электрдин жарыгын көргүсү келген жок. Майкесин чечип крандагы салкын сууга оптирания кылып, жуунганда, денеси чыйралып, жециилдей түштү. Кежигесинен басып турган белгисиз салмак, жуунган суу менен кошо бууланып, көтөрүлүп кеткендей туюлду.

Уйкусуз булбулдар бир бирине кезек берип, ачылган

~~гүлдөрдү~~

гулдөрдү мактап, ырдап жаткандай же бирин бири чакырышып жаткандай эле. Жапар булбулду туурап үч-төрт ышкырып жиберди. Кокус ышкырганына таңыркай калды да, ачык жылмайып, теплушканын үстүнө барып дагы жатты. Булбулдун үйү өзүнүн короосунан да угулду. Эң алыстан да угулду. Алардын кайрылууларынын окшоштугун тапмакчы болуп, тыңшап жатып уктап кеткенин сезбей калды...

Жапар ойгонгондо, дабышы жок, канатсыз учкан күндүн нуру мастерскойдун чыгыш терезесинен жаңы эле [illegible]шыкаалаган эле. Жапар көзүн ачканда, төшөктө жаткандай сезди да, башын көтөрө коюп, алданганын сезип, күлүп жиберди.

-Кандай тез, бардыгы кандай тез өтөт,- деди өзүнчө кобурап- мезгилдин канатындай учкуч канат жоктур?...
да, мезгил учат, канатсыз учат- деп, ордунан туруп баратып, дароо башын көтөрүп, түндөгү тыткыны келген станоктогу эскизине карады Холстун бетиндеги кыжырланткан сүрөттү түндө бирөө дах дубалап, өзгөртүп, оңдо

кеткендей сезди. Жапар оңу менен тушун ажырата албай, сүрөттү кармалап, ар жак бер жагын карап, өзүнө ишенбей,көзүн тез ирмеп кетенчиктеп кетти.

Эскиздеги фигуралар, бууланган бензиндей,аздан жоголуп, анын ордуна булдуруктап башка сүрөттөрдүн элеси келди. Булчуңдары түйүлгөн түрдүү жоокерлер Жапарды тике карагандай болду. Беш-бештен өргөн түшкүндөй кара чач жаагынан ылдый төгүлгөн кыздын элеси да жаралды. Ал кыз элдин ортосунда, мойнун саал буруп бирөөгө жаракөр сөзүн айткысы келгендей, тиштери кашкайып, жаңы, эле оозун ачып баратқандай.. Элдин арасынан мойнун созгон кемпир менен чал, илгери жүгүнүп, жалынып бирөөнү кучактай тургандай болуп туюлду.Анын айланасында кото логон сансыз кишилер да бирөөнү күтүп же ага таңыркап жаткандай көрүндү. Баласын көкөлөтө көтөргөн аял жанындагы бирөөдөн жооп алгандай, таңыркап жатканда, анын баласы сагынган атасын көргөндөй, көзүн бакырайтып кимгедир татынакай болтойгон колун созуп, талпынгандай

болот. Эскиздин сол жагындагы бир топ караандын ордунан, элге карай кулачын жазып басып келе жаткан, айбаттуу жаш баатырдын элеси көрүнөт. Жапар бул элестерди улам чоңойтуп, улам көбөйтүп көрдү. Калың эл баатырды көрүп чуркурап үн чыгаргандай угулду. Жапар өзүн ошолордун арасында жүргөндөй туйду. Ойго түшпөгөн сансыз элестер, суу сепкен аарылардай уюлгуп асмандан түшүп, Жапардын мээсинен жайланып кирип, чыгып жабалактай берди.

Жапар башын жулкуп алгандай ошто но түшүп:

-Таптым!- деди жылмайган бойдон,- таптым! Эми таптым деп, карандашка чуркады... Станокто турган эскизди, тез-тез сүртүп өчүрүп жиберди, жаңы эле жаркырап келе жаткан калган сонун элестерди, шымаланып алып жаза баштады. Жапардын мээсиндеги көрүнбөгөн жашырын сырлар биринин артынан бири келе жаткан кербендей болуп жарала баштады.

Өмүргө сараң караган Жапар чекесин билеги менен сылап, станоктон кетенчиктей бергенде: "Мезгил учат, мезгил канатуу жылкыдай учуп баратат, ал зыпылдап жандай берменче, жүгөндөп пайдалануу керек"- деген пикир Жапардын башынан жылт этип өтө берди.

СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Ар бир бөлүктү аңгеме кылып айтып бергиле. Идеясына токтогула.

2. Автордун чыгармасындагы негизги идея кайсы?

А.ТОКОМБАЕВ

# БҮРКҮТ МЕНЕН ҮКҮ
(Тамсил)

Калдактап үкү
Чабыттап чыкты.
Майда куштарды
Өлтүрдү, тытты.

Семирип толуп,
Сапсандап көптү.
Жерди каалабай,
Көксөдү көктү.

Бийик асманда,
Бүркүттү көрдү,
Жеймин деп аны,
Акмалап өрдү.

Капарсыз бүркүт
Баратты бийик.
Капыстан үкү
Катылды тийип.

Бырыскыл жүнү

Чачылып калды

Күүлөнгөн үкү

Канаттан алды.

Эрдиди бүркүт,

Айбаттуу шаңшып.

Жазганбай үкү,

Жабышты самсып.

Оңдонуп бүркүт,

Качырып кирди,

Олчойгон үкү,

Өлөрүн билди.

Айланып качпай,

Айгышып көрдү.

Толжутуп, көлдү,

Чаңдатты чөлдү.

Жалындап көктөн,
Булуттар күйдү.
Жылдызадар күүгүм.
Кабагын түйдү.

Суурулуп токой,
Кыйрап сулады.
Чыдабай тоолор,
Жарылып кулады.

Кыпкызыл кандай,
Жамгыр төгүлдү.
Калчылдап үкү,
Кайгырып сөгүндү.

Тытылып канаты
Канга бөлөндү.
Кайсактап үкү,
Жарга жөлөндү.

Кекенген буркут
Кериле сыады
Укуну кучтеп,
Кепкешке кысты.

Чырылдап уку
Чапчылай берди
Тытылып дене,
Коксоду жерди.

Куулонуп буркут.
Кучуне кирди.
Окор укунун
Опкосун тилди.

Арн жок уку,
Алыстай качты
Айбаттуу берен,
Алкымдай басты.

Кулады уку,

Башы быркырап.

Жарадар куштар

Сайрап чуркурап

Буркутту жандап,

Жыргай журушту

Жылдыздар кектен,

Жылт-жылт кулушту.

Буралып куюн,

Буркутту корду.

Жеңишти мактап,

Бургутту/ чолду.

Солуктап шамал.

Кубуреп сурап

Жеңишти билип,

Женеду чурап.

Учкан чагылган,

Токтоло калды.

Буркут жеңди деп,

Куркурөө салды.

Ай, кундун нуру

Буркутту жууду.

Айбаттуу эрдин,

Көксөсу сууду.

Толкундап суулар,

Көбүрүп акты.

Көркүмдаракка,

Карлыгач чапты.

Тынчтыды берен

Шандадты кайта.

Каркыра көктөн,

Жомогун айта.

Булбулдар сансыз

Серенге конду,

Берендин жери

Бактыга толду.

Суроолор жана тапшырмалар.

1. „Бүркүт менен уку" деген тамсилдин жалпы мазмунун жана моралын айтып жазгыла?
2. Бул ырдын мазмунун кандай окуяларга салыштырууга болот?
3. Ырдын түзүлүш өзгөчөлүгүнө мүнөздөмө бергиле.
4. Чыгарманын идеясын айтып бергиле.

ТЕМИРКУЛ УМОТАЛИЕВ

"КУЧ БИРДИКТЕ"

~~"Ж е ц и ш "/н р/~~

Болуптур бир кары чал заманында,
"Керек, " дейт, - акылдуусу баланын да.
Анткени тогуз уул баары додой,
Акыл-эс үйрөтүнүн амалында...
Бирок да, оцой менен угуу кайда,
Айткандан көпкө чейин чыкпай пайда,
Карыя шашкан кези болсо керек,
Ондоого акылсызды таппай айла...
Отурду узун санаа ойго батып!
Тизилди тукк кыял башты чатып,
Үй ичин жанжал басты ошол кезде,
Согушот оозго алгыс сөздөрдү айтып,
Басты окшойт дагы чалды асан- кайгы,
Көтөрүп жерге чапты карын майды,
Талкалап казан, аяк тавктарын,
Жоөдү ордеп өйдө өндүр сайды.

Бирок да, элес кылган болбоду ага,
Кучөдү уруш, жанжал дагы жана,
Алкымдан чеңгелдешти бирин бири,
Бир тууган тогуз жигит өз-өз ага.
Айылдын аксакалы Бучур манап,
Кой, дебей тамашалап турду карап.
Тытышып, абийир кетип акырында,
Коюшту чарчаганда араң жадап.
Бул мында тура турган, биз жадабай,
Буралы сөз тизгинин чалды карай,
Кайда экен, эмне кылып жүрөт экен?
Капаланып чыгып кеткен тоону карай.
Тескейде калып токой, табылгы, ыргый,
Чал барды күңгүрөнүп ичтен ырдай,
Четинен жаш ыргайдын кыркып кирди,
Ойлонуп эч болбосо токтоп турбай,
Кайыңга жөлөп коюп өз таягын,
Ыргайдын көпшөп, таарыйт баш, аягын.

Какайтмак кунге жайып бирден баарын,
Жалдырайт кигедир, ал"мени аягын!"
Желбиреп жалбырагы тозо калып,
Бутагы мойнун созуп кошо дарбып,
Аяды таңыркады жапшап кайың,
Амал жок, коёбу кун турган жанып.
Боолоду кырк, элуудей сабооңу бир,
Максат бар кары жалда, ошону бил!...
Жугунтуп калың токой, жалпак бетти,
Тентек жел дегенсиди "тиэирек жур!"
Бекчеңдеп чал да, журду ырдый карап,
Кадамын койгон сайын бирден санап,
"Бул кандай жумдук баштайт"- деген оңдуу,
Таң калды туш тараптан зоолор мадап.
Чал келсе үч баласы үйүндө экен,
Тытышкан тооктордой үргүйүшуп,
Калганы эшик- элек, айылда окшойт;
Ар кими өз алдынча уңкуйүшуп,
Жанжалдуу, үй курусун кейпи суук.

Көрүнөт алда недей, кереге, уук.
Көңүлсүз тургуң келбейт ого бетер,
Түн түшүп келе аткандай кечке жуук.
Чал айтты "баарың мында жыйналгыла,
Мен азыр көрсөтөмүн бир укмуш сыр,
Мээ болсо ойлогула бирден сыйра.
"Куп" дешип тогуз уул тең чогулду.
Туш-тушка кабар ташып жел сокулду.
Төштөгү бирин-серин бодур таштар,
Тиктешти түйүнчүктүү "жаңы оюнду".
Карыя балдарына: - уккула!- дейт,-
-Мына бул бир боо сабоо элүүдөй бар,
Бооланган кырчын менен абыдан бек.
Сындырчуу ушу бойдон кимиңер бар?!
Көрүштү тогузу тең чамалашып,
Тизелеп дагы бир топ амал менен,
Таштыбы сындырышсын аны кайдан,
Ал акмак, чын бирдикти жарам деген.

Абышка мурутунан жылмайды да,
-Болбосо бергилечи бери- деди,-
-Мына коргулечу сындырып!- деп,
Боолугун чечип туруп бирден берди.
Балдары талашышып бирден бирден,
Бардыгын ары бери майдалашты.
Шол кезде асмандагы карап турган,
Ороктой иймейген ак ай да батты.
Чал айтты:- бирдик деген оңой эмес,
Уксаңар, бирдик учун берем кеңеш.
Бир болсоң, жанакыдай, силерге да,
Эч бирөө каршы басып келем дебес.
Эгерде -алтоо ала болсо" кокус,
Сындырар белиңерди дал ушундай.
Душиникгк жеңдирбестен, жеңуу учун,
Баарыңар бир болгула, эч бузулбай.
Балдары баш чайкашты таң калышып,
Дегендей: экенго- деп, куч бирдикте,
Урушту,жаңжалды да, бут таштaшып,

Андан соң, кол коюшту чын бирдикке.

Дал ошол себеп болду, андан кийин,

Карыя тооштоду болуш, бийин.

Тогузу тогуз бөрү балдарынын,

Душмандар табалбаптыр кирерге ийин.

## СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Чал балдарына кандай акыл көрсөттү?

2. Поэманын идеясын айтып бергиле.

Ж. БОКОНБАЕВ

# КЫШКЫ ТОО

Тең талашкан асманга,
Боорунда аска каштарга,
Кайгы менен муңайып,
Капталган муздак ак карга.
Жайнаган гүлдү жагынып,
Калдайган актык жамынып.
Каарына алып залим кыш,
Зыркырап, бороон чамынып.
Булагы тоңуп, муз болуп,
Туйлабайт моңкуп, козголуп,
Үнсүз-сөзсүз, мостоюп,
Алдырган мөөрөй томсоруп
Санжыргасы сайдагы,
Бетеге көлкүп жайдагы,
Кеткен баары кубулуп,
Каптаган муздун каймагы.

Жыш-жырттыкка берилген,

Эрмеги качып телмирген,

Карагай, кайың, арчанын

Жалбырагы терилген.

Капчыгайлуу терең коо,

Каңылдап ырдайт аска,зоо.

Кармалып куштун торуна,

Капалуу, көрксүз кышкы тоо.

## П Е Й З А Ж

Табиятты, анын көрүнүштөрүн көркөмдөп сүрөттөөнү пейзаж дейбиз. Жоомарттын "Кышкы тоо" деген ыры жаратылышты сүрөттөөгө мисал боло алат. Жоомарт кышкы тоонун элесин көрсөтүү үчүн көркөм сөз куралдарын: эпитет, салыштыруу, метафораны пайдаланган.

ТАПКЫЛА."Кышкы тоо" деген ырдын эпитет,салыштыруу, метафораны таап, маанисин сүйлөп бергиле.

А. Фадеев

# ӨЧПЕС ӨМҮР

"Мен, "Жаш гвардияның" катарына кирүү мээн, өзүмдүн куралчан досторумдун бет алдында, туулуп өскен, көп жапа чеккен өз жеримдин бет алдында, бүткүл элимдин бет алдында салтанаттуу түрдө ант беремин:

Өзүмдүн улуу жолдошум берген кандай гана тапшырма болсо да, сөзсүз орундаймын.

Менин "Жаш гвардиядагы" иштериме тиешелүү нерселердин баарысын эч кимге билдирбей эң эле терең сыр кылып сактаймын. Өрттөлгөн, бүлдүрүлгөн шаарлар менен селолор үчүн, биздин кишилердин төгүлгөн каны үчүн, 30 баатыр шахтёрдун кордук көрүп кыйналып өлгөндүгү үчүн мен эч бир аёосуз өч аламын деп ант беремин. Жана эгерде ушул өч алуу үчүн менин өмүрүм керек болсо, мен бир минута да олку-солку-солку болбостон өз өмүрүмдү курман кылып беремин.

Эгер мен бул ыйык антты кыйноого чыдабагандык же коркоктук менен бузсам, анда менин атым, менин туугандарым кылымдар бою каргалсын, менин өзүмдү жолдошторумдун катуу

колу жазага тартсын.

Канга кан! Өлүмгө өлүм!"

Ворошиловград областынын Краснодон шаарындагы "Жаш гвардия" деген жашырын комсомол уюмунун мүчөлөрү өзүнүн Родинасын немецтик басып алуучулардан бошотуп алуу үчүн, чымындай жаныбыз чыкканча күрөшөбүз жана Родинабызга эч качан чыккынчылык кылбайбыз деп ушул антты берди. Донбасстын кулга жана ээн чөлгө айланган жеринде күзгү өңдүрүм шамал жүрүп турганда, кичинекей үйдө алар бири-бири бетме-бет туруп, 1942-жылы күзүндө ушул антты беришкен эле. Кичине шаар караңгы тартып дүмпүйүп турат, кен жумушчуларынын үйүндө немецтер турушту, бузуку иштердин усталары, гестапонун сатылгыч полицейскийлери ушул караңгы түндө граждандардын квартираларында тинтип, камактагыларды жазалоочу жайларда жырткычтык кылып жатты.

Ушул ант бергендердин эң улуусу 19 жашта, башкы уюштуруучусу жана жетекчиси Олег Кошевой 16 жашта эле.

Элибиздин башына эң оор күндөр түшкөндө, туулуп-өскөн жерибиздин эркиндиги жана таалайы үчүн күрөшкөн жаш жеткинчектер, жолдош Сталиндин мындан нечен жыл мурун Советтердин II с"ездинин трибунасынан айткан антын дагы да ар-намыс менен орундоо үчүн өз күчүбүздү аябайбыз деп сага, жолдош Ленин, ант беребиз!

Донецтин ачык талаасы кеч күздө, айрыкча кышында жерге тоң түшүп ызгаардуу шамал жүргөндө, өтө сурданып суук болот. Бирок бул биздин улуу Родинабызга көмүрдү, энергияны, жарыкты көп берүүчү туулуп өскөн советтик жерибиз. Ушул жердин эркиндиги үчүн граждандык согушта Родинанын мыкты уландары Клим Ворошилов менен Александр Пархоменкону ээрчип күрөшкөн эле. Дал ушул жер бүткүл өлкөбүздүн турун такыр башкача кылып өзгөрткөн эң сонун стахановдук кыймылды чыгарган болучу. Совет адамы Донец кенинин байлыгына терең кирген эле. Ошондуктан анын аңгыраган талаасында күч- кубаттуу заводдор салынды, бул заводдор техникалык ойдун сыймыгы эле, бул аңгыраган талаада күндүзгүдөй болуп жаркыраган социалисттик шаарлар, мектептер, клубдар салынды, бул жерде улуу

советтик адамдың акыл күчү абдан [illegible] гүлдеп өрчү-
гөн эле. Мына ушул жерди душман, салпаяк немец тепсеп кулак
булгады. К[illegible]ндай, чумадай болуп шаарларды караңгы түргө
айландырып, мектептерди, ооруканаларды, клубдарды, балдар
яслилерин солдаттардын жатаканасына, атканага, гестапонун
тюрьмасына айландырып душман ушул жерди тепседи.

Өрт, сыйырмак, ок жана балта- ажалдын ушул корку-
нучтуу куралдары- совет адамдарынын өмүрүнө жолдош бол-
ду. Совет адамдары акылга жана абийирге сыйбай турган
азап- тозокторго дуушар болду. Мына муну айтсак жети-
шерлик болор: Краснодон шаарындагы шаардык бакта немец-
тер өздөрүнүн "эмгек биржасына" катталуу үчүн келүүдөн
баш тарткан 30 шахтёр жумушчуну тирүүлөй жерге көмүп
өлтүрүштү. Кызыл Армия шаарды бошотуп алып, өлгөндөрдү
жерден казып алганда, алар какайып турган бойдон жерге
көмүлгөн экен: казганда алардын адегенде башы, анан кийин
денеси, буту чыкты.

Эч нерсеге жазыксыз адамдар туулуп-өскөн жеринен кетип, жашырынууга аргасыз болду. Немецтер үй-бүлөлөрүнөн ажыратты..."Мен атам менен коштоштум, көзүмөн жашым мончоктоп агып кетти. Кандайдыр бир көзгө көрүнбөгөн табыш: "Сен атаңды акыркы жолу көрөсүң" деп шыбырагансыды. Атам кетип калды, бирок мен атам көздөн кайым болгончо тура бердим. Бүгүн бул кишинин али үй бүлөсү, үйү-жайы, өлөң-төшөгү, балдары бар эле, эми болсо каңгыган иттей тентип жүрүүгө тийиш. Азап чегип, атылып кеткендер абдан көп!",- деп "Жаш гвардия" уюмунун мүчөсү Валя Борц айтат.

Каттоодон аракет кылып качууга тырышкан жаштарды немецтер зордуктап кармап алып кулдарча эмгек кылдыруу үчүн Германияга айдап кетишкен. Ошол күндөрдө шаардын көчөсүнөн адамдын төбө чачы тик тура турган окуяларды көрүүгө болор эле. Полицейскийлердин чаңырып сөккөнү, зордук аркасында балдарынан ажырап калган ата-энелердин өкүрүп ыйлаганы үн алышып копулат.

Москва менен Ленинграддын жеңилгендиги, совет курулушунун кыйрагандыгы жөнүндө немец газеталары менен баракчалары тараткан калптын заардуу уусу аркылуу салпаяк немец совет адамдарынын көңүлүн бузмакчы эле.

Немец оккупанттарына каршы күрөш уюштуруу үчүн Краснодон шаарында калган чоң кишилерди душман бат эле таап алды да, алар душмандын колунан өлдү же жашырынып жүрүүгө аргасыз болду. Душманга каршы күрөш уюштуруунун бардык кыйынчылыгы жаштардын мойнуна жүктөлдү. Ошентип. 1942-жылы күзүндө Краснодон шаарында "Жаш гвардия" деген жашырын уюм түзүлгөн болучу.

Бул уюм советтик жаштарыбыздан-биздин айланабызда өсүп, совет мектебинде, пионерлер отрядында, комсомол уюмдарында тарбияланган жаштардан түзүлгөн эле. Совет курулушу сиңирген эркиндик духун, чыгармачыл жана эмгектин кубанычтуулугун душман алардан кууп чыкмакчы эле. Бирок буга жооп кылып советтик жаш жетекчиле жеткинчектер бокн жазып какайып көтөрүлүп чыкты.

Советтин эркин ыры! Бул ыр совет жаштарынын канына сиңген, бул ыр алардын көкүрөгүнөн эч качан чыкпайт.

"Бир куну Володя экөөбүз Свердловкадагы чоң атабызга келе жаткан элек. Күн абдан жылуу эле. Биздин үстүбүздө немецтин транспорттук самолёттору учуп жүрдү. Талаа менен келе жаттык. Айланабызда эч ким жок болучу. "Карайган чептер мелтирейт...Боз улан чыкты талаасына Донецтин" деген ырды ырдадык. Анан Володя мындай деди:

-Биздин аскерлерибиз кайда экендигин мен билем.

Ал мага маалуматтарды айтып бере баштады. Мен Володяга жакындап, аны кучактай баштадым".

Володя Осьмухиндин карындашынын эске түшүрүп айткан ушул жөнөкөй сөздөрүн окуганда, көңүлүң толкундабай койбойт. "Жаш гвардиянын" уюштуруучулары жана жетекчилери болгон азаматтар булар: Кошевой Олег Васильевич 1926=жылы туулган, 1940=жылдан бери ВЛКСМдын мүчөсү; Земнухов Иван Александрович 1928=жылы туулган, 1933=жылдан бери ВЛКСМдын мүчөсү жана Тюленин Сергей Гаврилович 1925=жылы туулган, 1941-жылдан бери ВЛКСМдын мүчөсү. Бул үч патриот бир аз убакыт өткөндөн кийин өз катарларына

уюмдун жаңы мүчөсү кылып Иван Туркеничти, Степан Сафоновду,
Люба Шевцованы, Ульяна Громованы, Анатолий Поповду, Николай
Сумскойду! Володя Осьмухинди, Валя Борцту жана башкаларды
тартат. Олег Кошевой комиссар болуп шайланат. Командир
кылып штаб 1940-жылдан бери ВЛКСМдын мүчөсү болгон Иван
Васильевич Туркеничти бекитет.

Эски курулушту көрбөгөн жана жашырын иштөө тажрыйбасы болбогон бул жаштар бир нече ай бою немецтик залимдердин бардык чараларын үзгүлтүккө учуратат да, Краснодон шаарындагы жана анын жанындагы Изварино, Первомайка, Семейкино деген посёлкалардагы калкты душманга каршы чыгууга шыктардырат, бул жерлерге уюмдун тармактары түзүлөт. Уюм 70 кишиге чейин көбөйөт да, анан 100 кишиден ашып кетет-булар шахтёрлордун, дыйкандардын жана кызматчылардын балдары эле.

Уюмдун мүнөзүнө, методдоруна, анын жалпы духуна Ленин менен Сталиндин өлбөс-өчпөс революциячыл улуу мектебинин таасири өткөндүгү көрүнүп турат. "Жаш гвардия" базарларда, кинолордо, клубдарда жүздөгөн жана миңдеген барактарды

таратат. Баракчалар полициянын үйлөрүнө жабыштырылат, кала берсе полицейскийлердин чөнтөгүнө да түшүп калат. "Жаш гвардия" 4 радио приёмник орнотот да, Совинформбюронун маалыматы жөнүндө калкка күн сайын айтып берип турат.

Жашырын иштөө шарттарында комсомолдун катарларына жаңы мүчө алуу, колдоруна убактылуу күбөлүк кат берүү, мүчөлүк акы алуу жумуштары тынбай жүрүп турду. Советтик аскерлер жакындаган сайын, куралдуу көтөрүлүш даярдашат да, ар түрлүү жолдор менен курал чогулта башташат.

Ошону менен катар, эпкиндүү топтор диверсиялык жана террордук актылар жүргүзөт.

7-ноябрдан 8-ноябрга караган түнү Иван Туркеничтин тобу эки полицейскийди асып өлтүрөт. Асып өлтүрүлгөндөрдүн төшүнө: "Сатылып кетен ар бир иттин таалайы ушундай болот" деп жазылган плакат калтырышат.

9-ноябрда Анатолий Поповдун тобу Гундоровка-Герасимовка жолунда немецтердин жогорку үч офицери түшүп бараткан жеңил машинаны жок кылат.

15=ноябрде Виктор Петровдун тобу Волчанск хуторундагы концентрациялык лагерден Кызыл Армиянын 75 боец менен командирин бошотуп алат.

Декабрдин башында Мошковдун тобу Кроснодон-Свердловск жолунда бензин куюлган 3 автомашинаны өрттөйт.

Ушул операциядан бир нече күн өткөндөн кийин Тюлениндин тобу Краснодон- Ровенки жолунда калктан тартып алынган 500 уйду айдап бараткан кароолго курал менен кол салат. Кароолчуларды өлтүрүп, малды талаага айдап жиберет.

Штабдын тапшырмасы боюнча "Жаш гвардиянын" немецтик мекемелерге, ишканаларга орношуп алган мүчөлөрү билгичтик менен маневр жасап, алардын ишине тоскоолдук кылат.Сергей Левашов гаражда шофер болуп иштеп, 3 машинаны катары менен иштен чыгарат; Юрий Виценовский шахтада бир нече авария жасайт.

5-декабрден 6-декабргб караган түнү жаш гвардиячыл үч азамат- Люба Шевцова, Сергей Тюленин жана Виктор Лукьянченко немецтик эмгек биржасын өрттөө боюнча эң сонун операция жүргүзүшөт. Бардык документтери менен

кошо бирканын жоготулушунун аркасында, жаш гвардиячылар советтин бир нече миң кишисин Германияга айдалып кетүүдөн куткарып калат.

6-ноябрден 7-ноябрге караган түнү уюмдун мүчөлөрү мектептин, мурунку райпотребсоюздун, оорукананын үйлөрүнө жана шаардагы бактын эң бийик жагачына кызыл желек илишет "Мектепке илинген желекти көргөндө, эриксизден кубанып төбөм көккө жете түштү,- дейт Краснодон шаарында турган М.А. Литвинова деген аял.- Балдарды ойготтум да, жолдон тез чуркап өтүп Мухинкахбардымх Мухинага бардым.Мен кирип барганда, ал ич көйнөкчөн терезеде туруптур,көзүнөн жашы мончоктоп агып жаткан экен. Ал мага мындай деди: "Мария Алексеевна демек бул биз үчүн, совет адамдары үчүн иштелген экен. Биз эстеринен чыга элек экенбиз, өзүбүздүн кишилерибиз бизди унута элек экен".

Уюмду полициянын таап алгандыгынын себеби, уюм өз катарларына жаштарды өтө кеңири тартып жибериптир, булардын арасында туруксуз кишилер да болгон.

Бирок жаш гвардиячылардын мүчөлөрүн кутурган душман катуу кыйнап азап чектиргенде, советтик Родинабыздын жаш патриотторунун моралдык жүзү, дагы нечен- нечен жаш муундарды шыктандыра турган өтө сонун моралдык жүзү эбегейсиз зор күч болуп көрүндү.

Олег Кошевой өзүнүн жаштыгына карабастан, эң сонун уюштуруучу болуп чыкты. Анын көп ойлонгондугу практика жана иш жагынан өтө кылдат экендиги менен кайчылашты. Ал бир катар баатырдык чаралардын шыктандыруучусу жана демилгечиси болду. Узун бойлуу, кең далуулу бул жигит күчтүү жана дени таза эле, ал өзү душманга каршы бир нече жолу баатырдык кылып, кол салган болучу. Камалгандан кийин ал гестапочуларды өзүнүн жек көрүшү менен абдан кыжырлантты. Гестапочулар аны ысыган темир менен кайрып, ийне менен сайгылап жанчат. Бирок ал туруктуулуктан жана чыдамкайлыктан тайбайт. Ар бир "сурактан кийин" анын чачы улам агарып турду. Өлтүргөнү алып барганда башындагы чачы бүт эле аппак болуп калган экен.

~~"Жаш~~

"Жаш гвардиянын" эң окумуштуу, китепти көп окуган мүчөлөрүнүн бири, бир катар эң сонун баракчалардын автору Иван Земнухов. Тышкы сымбаты келишпегени менен, акылы абдан келишкен бул жигитти баарысы абдан сүйүшөт жана жаштардын арасында анын кадыры күчтүү болот. Ал абдан чечен болот, ырды жакшы көрөт жана өзү да ыр жазат/ырды Олег Кошевой да жана "Жаш гвардиянын" башка бир катар мүчөлөрү да жазат/ Иван Земнуховду гестапочулар тирүү түрмөдө абдан кыйнап, азап чектирет. Аны атайы жасалган блок аркылуу сыйыртмакка салып, тамдын потологуна асып, муздак суу менен ургулап, акылынан адашканда кайта коё берип, дагы суракка алышат. Электр сымынан жасалган шапалак менен аны күнүнө үч жолу урушат. Полиция андан сыр айттырып алмакчы болот. Бирок ал эчтеке айтып бербейт. 15-январда аны башка жолдоштору менен кошуп, 5-номердүү шахтанын үңкүрүнө таштап киберишет.

Сергей Тюленин. Бул кичинекей, өтө шамдагай, өтө эч нерседен кайра тартпаган, ачуусу чукул, шайыр, өтө

жүрөктүү бала эле. Ал эң коркунучтуу жана кыйын иштерге катышып, нечен душманды өзү жок кылат. Бул өтө ишмер киши эле. Ал мактанчактарды, келжиректерди, жалкоолорду абдан жек көрө турган. "Сен элден мурун иштегин, сенин иштериң жөнүндө башкалар сүйлөсүн" дей турган эле,- деп анын тирүү калган жолдоштору сүйлөшөт.

Сергей Тюлениндин өзүн абдан катуу кыйнагандыктары мындай турсун, гестапочулар анын көзүнчө энесин да абдан кыйнашат. Бирок ал өзүнүн жолдоштору сыяктуу акырына чейин туруктуулук көрсөтөт.

"Жаш гвардиянын" штабынын 4-мүчөсү Ульяна Громованы Краснодон шаарындагы Мария Андреевна Борц деген окутуучу аял мындай деп мүнөздөйт: "Ал узун бойлуу, сымбаттуу, кара чачтуу, назик беттүү кыз эле. Анын мөлтүрөгөн кара көзү анын акылдуулугун жана туруктуулугун көрсөтө турган. Ал акылдуу, көп окуган, көптү билген кыз эле. Ал башкалар сыяктуу ачуусу чукул эмес болучу. Ошондуктан ал кыйноочуларды каргап шилеген да жок... "фашисттер өзүнүн бийлигин террор аркылуу сактагысы келет. Акмак кишилер экен! ~~Тарых~~-

Тарихтын дөгөлөгүн артка жүргүзүүгө болбойт эмеспи..."

дечи.

Кыздар "Демонду" окуп бергин деп турайт. Анда ал: "Жан дилим менен окуп берем! Мен "Демонду" абдан жакшы көрөм. Бул эң сонун чыгарма. Ойлоп көргүлөчү. Дал кудайдын өзүнө ал каршы чыккан!"- деп айтат. Камерада абдан караңгы болот. Ал өзүнүн кулакка жагымдуу, муңдуу үнү менен окуй баштайт... Бир кезде кечки күүгүмдө чыңырып ыйлаган добуш чыгат. Громова окуганын токтотуп: "Мына башталды!" дейт. Онтоп кыйкыруу күчөгөндөн күчөй берет. Камерада жымжырт боло түшөт. Ошентип бир нече минута өтөт. Громова бизди карап туруп, катуу үн менен окуй баштады.

Мөңгүнүн славяндын уландары!
Эмне үчүн кайратың тура албады?
Сени кыскан зомбулук талкаланат.
Талкаланган далайлар, уланбады.

Ульяна Громованы адам чыдагысыз түрдө кыйнашты. Чачынан асып, конунан тилип беш бурчтуу жылдыздын сүрөтүн салышат, ысыган темир менен денесин каарып, күйгөн жарасына туз себишет, кызарган плитага олтургузушат. Бирок, ал өлөр алдында да ындыны өчүп, кабак кашым деген жок; "Жаш гвардиянын" шифри аркылуу дубалды тыкылдатып, өз жолдошторуна: "Балдар! Ындыныңар өчпөсүн! Биздики келе жатат. Бек болгула. Бошондук күнү жакын калды. ~~Биздин келе~~ ~~аскерлер~~ Биздики келе жатат. Биздин аскерлер келе ~~жатат~~ жатат..." деген кайрат сөздөрдү айтып турат.

Анын курбусу Любовь Шевцова штабдын тапшырмасы боюнча чалгынчы болуп иштейт. Ал Ворошиловграддагы жашырын иштегендер менен байланышат да, өтө амалкөйлүк жана кайраттуулук көрсөтүп, Ворошиловградга ай сайын бир нече жолу барып- келип турат. Совет бийлигин "жек көргөндөрчө", ири өнөр жайчынын кызына окшоп, жакшы кийинип алып, ал немец офицерлеринин арасына кирет да, өтө маанилүү документтерди уурдайт. Шевцованы баарынан көп кыйнашат. Ага эч нерсе айттыра албагандан кийин, шаардык

полиция аны Ровенкидеги жандармериянын уездик бөлүмү алып барат. Ал жерде анын тырмагынын астына ийне кагы жонун тилип, жылдыздын сүрөтүн тартышат. Өтө шайыр жана кайраттуу болгондуктан, ал кыйноодон кийин камера га келгенде желдеттердин ичин күйгүзүп ыр ырдайт. Бир күнү аны кыйнап жатканда, совет самолётунун үчүн угуп, ал каткырып күлөт да: "Биздин аскерлерибиз үн чыгарып жатат" дейт.

1943-жылы 7-февралда Люба Шевцованы атып жиберишет.

Мына ошентип, өздөрүнүн берген антын бузбай, "Жаш гвардия" уюмунун мүчөлөрүнүн көпчүлүгү курман болот,- бир нече гана киши аман калат. Владимир Ильичтин жакшы көргөн "Жумушчунун тилеги үчүн, иши үчүн" деген ырын ырдап, алар өлүмгө барат.

Ленин-Сталин такшалткан адамдардын эң сонун сапаттары алардын баатырдык иштеринде, алардын моральдык жүзүндө абдан ачык көрүнду. Элибиздин эң мыкты адамдары болгон Дзержинскийдин, Кровдун, Орджоникидзенин

жана дагы толуп жаткан атактуу большевиктердин эң сонун сапаттары буларда дагы кайталап көрүндү.

"Жаш гвардия"- бул немецтик оккупанттар басып алган территориядагы бирин-серин болгон иштер эмес. Советтин кайраттуу адамдары бардык жерде күрөшүп жатат. Күжүрмөн "Жаш гвардиянын" мүчөлөрү күрөштө курман болгону менен, алардын кылган иштери өлбөйт, себеби алардын сонун сапаттары советтик жаңы адамдын сапаты, социализм өлкөсүндөгү элдин сонун сапаты болуп эсептелет.

Жаш гврадияларга- өлбөс-өчпөс советтик элдин баатыр уландарына түбөлүк даңк жана алардын топурагы топко болсун!

Жазага тартылар алдында канкор немец дөбөттөрү ырылдап жортсун,- алар өздөрүнүн кылмыштарынан коркуп, кайда барып жашырынса да, өч алуу аларды куткарбайт!

СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. "Жаш гвардия" уюмунун мүчөлөрү кандай ант беришти?

2. Советтик элге немецтик каракчылардын көрсөткөн кордугун айтып бергиле.

3. Жаш гвардиячылардын каракчыларга каршы жүргүзгөн күрөшүн көрсөткүлө.

4. Эмне үчүн жаш гвардиячыларды өлбөстөр деп атайбыз?

5. "Өч алуу аларды куткарбайт" деген келечектин ишеничин, ишеничтин орундалышын сүйлөп бергиле.

# Ж У С У П   Т У Р У С Б Е К О В

/ Өмүрү /

Жусуп Турусбеков 1910-жылы Тоң районунда, Күн Батыш сельсоветинде кедей-дыйкан үй бүлөсүндө туулган. 1916-жылы кыргыз элинин козголоңунда ата- энесинен ажырайт. 1920-жылга чейин ар кимдин эшигинде күн өткөрөт. 1920-ж. Караколдогу детдомго алынат. 1925-жылдан баштап, Караколдогу /Пржевальск деги/ айыл чарба техникумуна кирип, аны 1929-жылы бүтүргөн. Жусуп 1928-жылдары жаза баштаган. ~~Жусуп 1928-жылдары~~ Жусуп лирик акын. Анын көп ырлары элдин арасына кенен тараган. "Кызыл Жоолукчан", "Кара көз", "Ук жер жүзү", "Эсимде" деген ырларын Кыргызстандын бардык бурчтарынан угууга болот. Жусуптун мыкты ырлары 1935-ж. "Мекен" деген ырлар жыйнагында басылып чыккан. Жусуп лирик акын болуу менен бирге талanттуу драматург эле. "Ажал ордуна" драмасы 1916-жылы кыргыз элинин көтөрүлүшүнүн тарихий элестерин анык көрсөтөт. "Айчүрөк" музыкалуу драмасын түзүүгө катышкан, эки драмасы тең 1939-жылы Москвада өткөн кыргыз адабиятынын жана искусствосунун

декадасында ири ийгиликтер менен коюлган. Кыргыз адабиятында жана искусствосунда сиңирген эмгектери үчүн өлкөбүз Жусуп Турусбековду "Эмгек кызыл туу" ордени менен сыйлаган. Жусуп Турусбеков немецтик баскынчылар менен болгон согушта баатырлык менен өлгөн. Кыргызстан мамлекеттик басмаканасы"Жусуптун ырлары" деген ат менен ырларынын жыйнагын басып чыгарат.

КЫРГЫЗДАР
/Үзүндү/

Кыргыздар көрүнгөнгө жем болуптур ,
Көзүнөн жашы агып,- сел болуптур.
Кытсе да, чабуулда өскөн эл эмеспи,
Ичинен чыккан далай эр болуптур.
Булардын бири Исмайыл, бири Мамбет,
Эрдигин бул экөөнүн айта келсек,
Экөөнүн эрдиктерин үлгү кылып,
"Кыргыздар" деген сөздүн түйнүн чечсек.

Ошондо Мамбеттин да толгон кези-
Жарашып келбет, кайрат, акыл эси,
Ал кезең мындай эрлер келише албас,
Туш-тушту туман баскан заман дечи...
Күнүгө алым, чыгым кыйнап жанды,
Калың эл жабыр тартып калган чагы.
Мына ушул көп көргөндү бирге көрдү.
Исмайыл жана Мамбет экөө дагы.
Чарчаган жаткакчылар жумуш кылып,
Сүйлөшчү кечке жуук дөңгө чыгып,
Баарынын кейигени заман болчу,
Үстүндө сур замандан шагы сынып...
Унчукпай, сөз тыңшаган жалын Мамбет,
Жалындай ичи күйбөй, анан кантет!..
Үшкүрүп, оор жүктү көтөрө албай,
Үшкүрүп үйүн көздөй басып кетет...
Кээде ал запкы тарткан көңүл менен,
Келишпей кайраты жок өмүр менен:

"Жаш журөк жалын кечсин, мокок болбойт-
Деп койчу- алдыдагы күнгө ишенем"...
Эрикпей, өткөн сырды айта берсек,
Ойлоймун окуучуга болор эрмек.
Отурган жатакчылар тыңшабайбы
Чыдабай төмөнкүнү айтса Мамбет:
"Кол сермеп, кулач уруп эчен-эчен,
Тилекке эми мына жетем десең,
Жүректү таалайсыздык тарап өтөт,
Турмуштун эми сырын кантип чечем?..
Бул өңдүү түшүп калган терең ордон,
Ойлосок, ким чыгарат, тартып колдон?
Жатакчы жатакта эле өлөбү дейм,
Кутулбай белден баткан калың шордон?..
Муңканган кайгыдагы муңдуу элим,
Дагы бул арылабы шоруң сенин?..
Отурсаң, турсаң дагы таяк жейсиң,
Өч алып, качан болсо чөлдү сактап,

Жүрсөк да бирөө үчүн чыгым тартсак,
Эгерде бир "жакшыга" аш берсе да,
Тим албай, конок алып, отун жарсак.
Бай жатса кур жайлоодо- көлөкөдө,
Бастырса, басса, турса- берекеде,
Алардын малын багып, чөбүн чапкан
Кедейлер кайда жүрсө- келекеде.
Бул эмне, бизге бүткөн кандай таалай?
Бизде эмне, ырысы жок, кандай маңдай?
Кудай бул бизди эмне кордук үчүн,
Жаратып койгонбу дейм каргай, каргай"
Деп Мамбет көк түтүндү буркуратса,
Өмүрүндө кордук көрүп, тарткан жапа,
Отурган жатакчылар оор үшкүрүп,
Кетишчү үйлөрүнө болуп капа...
Жайкы учур, түрдүү чөптүн жыты бурап,
Күн салкын, сыдырым жел, бешим убак.
Ысмайыл сууну эгинге жайып коюп,
Таянып күрөгүнө карап турат...

Жайылып жылжып жаткан сууну карап,
Жаш көңүл эчен турдуу кыялданат.
Бир туруп алда кайда кетсе ою,
Бир туруп суу менен бирге агат...
Уңүнтип, турган кезде туура жактан
Созултуп овон салган бир үн чыгат.
Талкандай ойдогунун баарын тегиз,
Баратат жаш жүрөгүн кытыгылап...
Жүрөктү куйкалаган укмуштуу ырды
Исмайыл бир азыраак тыңшап турду.
Кол сермеп, ойлогонго жете албаган,
Кантесиң, будагы жаткен муңдуу.
Ырдаган кабылан көк жал Мамбет тура,
Бул күнү суу сугарып жүрген бу да.
Чабыгтан учкан шумкар кези эмеспи,
Дарты анын көлдө сүзгөн бир ак куу да.
Исмайыл кулак байлап жүрө турсун,
Жигиттер кандай ак куу дайын тура?

Кызарып өзүңөргө болбой уят,
Сүрөтүн тартып берсем, келсе кубат,
Акылайга окшобой калабы дейм,
Акындык күчүм менин жетпей турат.
Жигиттин болор кези замандашы,
Оролуп он жетиге келип жашы.
Акылай ~~жатакчылар көркү болсо~~
Ак куудан анын кандай айырмасы.
Кылт этип көз жаздырып качып турган
Акылай Ала-Тоонун түлкүсү да!
Зыпылдап канкан жакка учуп турган,
Жигиттер Мамбет эөөнүн бүркүтү да.
Жибектей бөш көкүлдү чачы келген,
Атайлап касагандай кашы келген.
Орто бой, жалжылдаган көзү кандай...
Аксаргыл мындай келбет чыгат элден.
Адамдын турдүүсүндө турдүү кылык,
Бирөө орой, бирөө митаам, бирөө сылык,
Чынында баарыбызга керек го дейм,

Бозойго, селкиге да басмыртчылык.

Ар канча басса, турса сабырдуу ал,

Мунайым бир калыпта мүнөзү бар.

Бул асыл эгер колго тийе калса,

Жигиттин жигитине болбойбу жар.

Алдында турса дагы далай ~~ке-ек~~,

Кыргыздын ушуга окшош кызы деген.

Тайманбас жүрөгүндө кайраты бар.

Мамбет да өзүнчө бир сырттан белем?..

Кыстарып такымына кол күрөгүн,

Илкитип алдындагы Тайкүрөңүн,

Ой менен Исмайылга барды Мамбет,

Кыраан го чиркин ушул таш түлөгүң!..

Турмуштан экөөнүн тең көөнү кайтып

Турушту келер- кетер сөздү айтып,

Минтишпей эки берен анан кантет,

Күрөштө өчөн ирет калса жалкын.

Жүрөктө кашырынган бардык чынын,

Тереңде көптөн бери жаткан сырын,

Чечилип Исмайылга айтып салды,

Мурунтан жүргөн эле таппай ыгын.

Десеңчи чиркин санаа кандай кулук,

Заматта миң кайгынын баарын сүрүп,

Мамбетке муну Исмайыл айтып турду,

Акырын мурутунан гана кулуп.

"Кол созуп алам десем асманда айды,

Унчукпай, курбуң сага кошулбайбы,

Аны биз ала качып алса, алалы,

Мурунтан антташканың Акылайды".

Кири жок, чын курдаштык жеңеш менен,

Сүйлөшүп турган кезде эки берен,

Кара жол бойлоп өскөн чийди аралап,

Көрүндү үстү-үстүнө камчы чапкан.

Келе атат булоолонтуп сарала атчан.

Катуулап жүрүшүнө караганда,

Шашылыш бир иш менен бара жаткан.

"Исмайыл, ушул- шумдук, байкасаңчы,

Атына кайта, кайта урат камчы.

Бирөөнүн бирдемеси өлсө керек,

Бул өзү бара жаткан чабаганчы"

Деп Мамбет оозун жыйып ала электе

Бет алып экөөн көздөй бура тартты.

Келди да Мамбетти: "Аттан түшкүн"- деди,

"Кызыл чок[1] деген мен бир күчмүн",- деди.

"Эгерде бербеймин деп каяша айтсаң,

Жаныңан умутуңду үзгүн", -деди.

Тирирреп, жолборс Мамбет бузуп өңдү:

"Жөн эле бергин дейсиң Тайкүрөңдү!

Бул өзү кандай чоңдук, кандай кордук?

Байкагын мен да киши, жөө жүрөмбү?

Кызыл чок болсоң эмне, боло койгун,

Колуңдан келсе эгер, соё койгун.

Бул жерде мен тирүүдө, сага ат жок,

Тиреген асманыңды коё койгун".

Кызыл чок: "Түш дегенде түшкүн",-деди,

"Түшпөймүн умутуңду үзгүн", -деди.

---

1/ К ы з ы л  ч о к -жасоол деген мааниде.

~~Үйтирең жолборс~~

Эңкейип кыл чылбырдан алар кезде:

"Мен дагы Мамбет деген кучмун,- деди.

Жаныңан умутуңду үзгүн",- деди.

Кызыл чок ким экенин биле түштү,

Томолонуп чаткаякка кире түштү.

Жигиттер, калыс болуп айткылачы,

Экөөнүн кими кучсуз, кими кучтүү?

Ойлоду алым буга жетет деди:

"Мынакей аты тепсеп кетет"- деди.

Тырмалап, мудурулуп, тура келип,

Кумсарып, Мамбетиңди этектеди.

Атынан оодарам деп антет- минтет,

Чыдабай чап далыдан алды Мамбет:

Жатактын сырттанына айыгышпай,

Кызыл чок жолу менен кетсе кантет!

Үзөңгү боолугуна салып алып,

Таштады бир топ жерге алып барып.

Исмайыл бул кызыкты карап туруп,
Табасы бир канарын калды каным.
Мингиси келди эле тандап кулук,
Камчысын таап алды издеп журуп.
Бир жерде кармашканда калган экен,
Учукпай, тебетейин кийди кубуп.
Кармады атын араң изаланып,
Калп эле көрпөчөсүн утур кагып,
Ичинен көрсөтөм деп саган бирди,
Кызыл чок журуп кетти туталанып!..
-Кетели, кел, Исмайыл, учкаш эми,
Тиги иттин бизде калды кайтпас кеги...
-Кайрат кыл, капаланба, койгун, Мамбет!
Ал иттин бир жеңдик жолкусун чыкты дели.
Сугатчы, экөөндө тең- эки курек,
Жарадар экөөндө тең- эки журек.
Экөө тең көрдүгү жок кунду самап,
Экөөндө эки бирдей журек канап.
Учкашкан экөө тең жатакчыдан,

Жатакчыдан ушулар эки азамат.

Илжитип тай куренду тешту көздей,

Ойлонуп сөз катышпай бара жатат...

Суроолор жана тапшырмалар

1. Бул кыргыздын кайсы доордогу турмушунан жазылган ыр? "Туш-тушту туман баскан заман"- деп, акын кайсы заманды айтып жатат?

2. Мамбет ал турмушту кандайча

3. Кызыл чондун каракчылыгын, Мамбеттин эрдигин сүреттөгүлө.

40

T. Жусуп.

# ТЕРИМ КҮҮСҮ

1.

Бул талаага
Таза чигит төгүлгөн,
Таза өнсүн деп
Далай чара көрүлгөн.
Мээ кайнатып,
Тер агызган алтапта
Кетмен менен
Ак алтындар көмүлгөн.
Эми алтындар
Өсүп жеткен күнүндө.
Ал эмгектер
Кайдан кетсин көңүлдөн!
Билегиңди
Шамаланып жайдарым,
Терчи, жеңе
Тайманбаган өлүмдөн!
Койчу,
Койчу,
Терим күүсүн, ырдасаң!

2

Бул пахта үчүн

Эмнелерди кылбадык

Жайды-жайлай

Кетмен алып тынбадык,

Карангыда

Көзгө сайса көрүнгүс,

Түндү түн деп

Качан биздер ыргадык!

"Көз каранды

Болбо!"- дегенураанды

Кыз жүзүндө

Эмгек менен чыңдадык,

Дилдиректин

Күүсү менен элчөнду,

Ушу бүгүн

Биз бараткан ычкамдык.

Ычкам,

Ычкам,

Ыксамдыкта- береке!

Ылдам,

Ылдам,

Ылдамдатсаң, жеңеке!

Терсең,

Терсең,

Эпкиндүүгө теңеше!..

3.

Эмгек кылып,

Ак алтынды өндүрсөк,

Бардык күчтү

Бир ушуга көндүрсөк,

Бар эле деп

Пахта айдаган дыйкандар.

Жумушчунун

Эпкиндүү оюн бөлдүрсөк,

Эми анан,

Терип алар күнүндө,

Кандай кылык

Камырабай, тим жүрсөк?

Койгун,

Койгун,

Сен да, абаке, терип кир!

Беш бут,

Беш бут,

Тиги жеңем териптир,

Теңе!

Теңе!

Барлыгыңдын кучун бир!

4

Бул чекеден

Эчен ирет тер кетти,

Тери жууп,

Кокуректен чер кетти,

Козу кыйын,

Кандай неме таштасын,

Ошол кылган

Берекелуу эмгекти.

Дагы,

Дагы,

Мыктап кошул бергиле!

Кана,

Кана,

Эпкиндүүлер, тергиле!

Тегиз,

Тегиз,

Кана, тегиз тергиле!

6

Колхозчулар

Пахта камдап берет деп,

Эчен кызыл

Эшелондор келет деп,

Ошондуктан,

Күчтү жыйып биригип,

Баары тегиз

Ыкчам, ыкчам терет деп,

Фабрикте

Көп ойлонуп жумушчу,

Бул пахтаны

Турган кези керек деп

Ойлоп,

Ойлош,

Ойлоп көргүн шарт гана!

Баарың,

Баарың,

Жабылгыла пахтага!

Мактап,

Мактап,

Мактап турсун ак талаа!

6

Өзүбүздүн

Ийип турган өлкөнүн,

Көргүлөчү

Пахтасынын өскөнүн!

Чыңдагыла,
~~Чыгаралы, балдандар,~~

Чыгаралы, балдандар,

Анын анык,

Күмүш күбок көркөмүн,

Тапа-такыр,

Кыскарталы томсортуп,

Коммо Штаттың,

Бизге кылган өлчөмүн!

Дагы,

Дагы,

Мыктап кеңүл бергиле!

Тегиз,

Тегиз,

Кана, тегиз келгиле!

Кана,

Кана,

Эшкиндуулер, тергиле!

КЫШТАКТА

Сыдырым жүрүп таң атат,

/Жоголгон түңдү муң басат.../

Уктап жаткан кыштакка,

Балкыып күн нур чачат.

Нурду жутуп магдырап,

Пейли кеңип, балбырап,

Эриктүү кыштак ойгонот,
Кубаныч, жыргал толуп шат.

Эстенип кыштак керилет,
Эалигип көөнү элирет;
Эмгек кени талаага,
Боюн таштап берилет.

Аскери чигат талаага,
Туудуруп кубат санаага,
/Кандай кыйын болду экен,
Опо кезде калаада?../

Каны башка топ жанга,
Калкаланган боз тамга;
Каршылыгын келтирип,
"Сээниби!.." деп суй салма!

Буулугуп кыштак теригет,
Ачуусу келип желигет;
Уу чачкансы келгендей;
Уюлгуп барып демигет...

Куздугун айдап алдырда,
Унун кошуп жаңы ырга,
"Суусун бер" деп Толонбай,
Жан жолдошу Жаңылга...

Бар курбум Жаңыл суусун бер,
Каны толуп алсын дем;
"Жарым" деп өөп кучакта,
Жаны калбай кулсун жел...

Агарып ак таң кылайса,
Ойгонсо биздин Сулайка,
Жээ эркелер бир жактан,
Колоң чачы булайса...

Жаш журок согот ыргыштап,
"Жамансың" деп кылмыштап,
-Ушундай көркө ээ болгон,
Кандай сонун бул кыштак,...

## М Е Т О Н И М И Я

Бир нерсени аны менен тыгыз байланыштуу болгон экинчи нерсе аркылуу билдирүү- МЕТОНИМИЯ деп аталат.Күндөлүк турмушта . Метонимия күндөлүк турмушта өтө көп учурайт.

М: Биздин айыл кызылчаны эң эле эрте тапшырды. Мында, биздин айыл тапшырган жок, биздин айылдагы адамдар тапшырды деген пикирге келебиз.

Суроолор жана тапшырмалар

М: "Кыштакта" деген ырдын метономиялуу сөздөрдү таап, маанисин сүйлөп бергиле.

Э Н Е М Е

Анда мен жандап тентек ойноо кезим,
Жүрөктө кайдан болсун акыл- сезим,
Иттерин ташка алгылап каңшылатып,
"Кагынгыр!" дедирчүү элем далай ээсин.

х х х

Энеке!

Сен да тилдеп кээде карган,
Жаш баштн кагып- согуп жыланча арбап;
Артынан токоч берип жашымды аарчып,
Сооротуп коюучу элең бир демде алдап.

x x x

Бир куну багалекти ейде туруп,
Суу кечип балдар менен ойноп журуп,
Талаадан таш талашып ыйлап келип,
Бырылдап сооронбостон салдым булук.

x x x

Кээде мен калтыратып таман кагып,
Сабоонду айгыр кылып минип алып,
Атамдын камчысы экөен жоготчу элем,
Талаага балдар менен ойноп барып!..

x x x

Энеке!

Дагы тилдеп дагы каргап,

Дечү элең жалгыз бейт сорсун арбак.

Бул сөзүң ылайыкча болсо керек,

Жалындуу жаш жүрөгүм калган кармап!..

x x x

Дакы Дагы сен кайраттуу элең кайран энем,

Күрөшүп турмуш менен тепки жеген.

Бул кезде жоругуңду ойлогондо,

Кан кызып кадимкидей күчкө келем...

x x x

Эсимде!

Бир күнү атам кайгыланды,

"Сатамго жалгыз минер кер байталды"

Деди да старчындын каарын ойлоп,

Үшкүрүп жерди чукуп башын салды.

x x x

Сен анда

Кайрат кылып кеңеш бердиң,

-Кайгыруу кылыгы эмес эмгекчи эрдин.

Эртеси чыгым жыйган старчынга,

Деп айттың "сен карышкыр эмне келдиң"...

x x x

Старчын сени көздөй ыкырынып,

Алайып чанагынан көзү чыгып.

"Унчукпа!..

-Каңшылаба!

-Канчык!" деди

Мактамак аны кимдер ичи жылып.

x x x

Энеке!

Ал дүнүйө жексен болду.

Чырмалган эмгекчилер үздү торду.

Баш кошуп жаңы турмуш куруп жатат,

Эзилген ал күндөгү өңкөй шордуу.

Ал кезди быйыл бир күн көңүлгө алдым,

Чогулуп сени көмгөн жерге бардым,

Мүрзөңдүн тыгында кош айдаган,

Эрлерди көрдүм дагы ырга кандым.

20/VII 30-жыл.

# Мукай Элебаев.

Мукай Элебаев Кыргыз Жазуучуларынын алгачкыларынан болуп саналат. Ал 1924- жылдан баштап, улуттук жазуу-союзу пайда болгондон тартып жаза баштаган. Мукайдын биринчи ырлары 1924- жылы" Эркин Тоо" газетасынын экинчи номеринде басылган.

Мукай Элебаев 1905- жылы Талды- Суу районундагы Беш- Таш деген жерде туулган. Атасы Элебай ар кимде малайлыкта жүргөн. Мукай 9 жашка чыкканда томолок жетим калат, туугандарынын колунда жана байлардын эшигинде жүрүп, күн өткөргөн. Анын мукай Элебаев ал кездеги эң оор күнүн "" Узак жол" деген повестинде сүрөттойт.

Бул повестинде октябрь революциясынын жеңишинен мурунку кыргыз айылынын турмушун, оор зордук - зомбулукту, жакырчылыкты ачык көрсөтөт. Мукай элебаев бир нече ырлар жазган. Анын ырлары эски турмуштун жек көрүмчү элесин берүү менен, жаңы гүлдөгөн турмуштагы ийгиликтерди ичине алат. Ага акылдын көзү тойбой кубанат. Мукайдын "Мукайдын ырлары " "Салам кат." "Улуу Марш" деген жыйнактары жана ата мекендик согуш мезгилинде жазылган бир

нече ырлары бар. Мукай Элебаев Кыргыз адабиятында ири котормочулугу менен да белгилүү. Толстойдон " Хажы Мурат" Гоголдон " Шинель", Фурмановдан " Козголоң", Пушкинден " Руслан жана Людмила", "Падыша Салтан жөнүндө жомок", "Бахчи Сарай фонтаны" деген чыгармаларды кыргыз тилине которгон. Акын Мукай Элебаев 1943- ж. Немецтик фашисттик каракчылар менен болгон согушта баатырларча күрөшүп, курман болгон.

## УЗАК ЖОЛ.
(үзүндү)

Биздики элден обочо, жаман тамдын түбүндөгү жалгыз кара үй эле. Биз төшөктөн жаңы туруп жатканбыз. Бир кезде Алмакан жеңем, ойдо жок жорукту баштап, чыркырап барып, төшөктө жаткан энемди басып жыгылды. Энемдин төшөк тартып жатканы көп болгон.

Энем күндөгүдөй эмес, көздөрү коркунучтуу, чарасынан чыгып, көкүрөгү кырылдап, билер-билбес дем алып, улам жоошуп кетип баратат. Өлүп бараткан адамды биринчи көргөнүм ушул. Ошондо мен он бирдемин.

Баарыбыз үрпөйө түшүп, энемди тегеректеп, үйүлө калдык. Жеңем тура калып, Элирген немедей барлык үнү менен өкүрүп, тышка чыкты да, бир кезде кайра кирип келип, Энемди дагы басып жыгылды

Биздин үй элден обочо болсо да. Эжемдин чаңырган табышы менен бирин- серин эл жыйналып калды. ошол убакта мен эмнегедир алданып, тышка чыгып кеткем. Аңгыча болбой бир кезде"чур" дей түштү. Чуркураган чар жайыт үндөр уламдан улам күчөй берип жаман үйдү көтөрүп кетти.

Ошентип, алты чөбүрө жетим калдык. Эң улуубуз Алмакан эжем, анан мен , менден кийин Беккул, анан Эшпай, андан кийин Ашымкан деген кыз. Эң кенжебиз Бекдайыр. Барыбыздын арабыз эки жаштан. өлөр алдында жана бир кыз төрөп, аны багып ал деп энем бүрөөгө берген. Бул он айга жетпей өлүп калды.

Энем көп төрөгөн адам: 4эркек, 6 кыз болуп, бары-- онду тапкан. Үч кызын эрге берген. ушулардан азыр үйдөгүбүз алтоо.

Энем Бурмакен өлгөн соң, анын ордун басып, жетимдерге көз болууга Бурмаке кемпир келди. Бурмаке атамдын агасы --- Элебестинзайыбы, алтымышка келип калган, бүчүйгөн гана кичине кемпир кемпир. Булардан башка карашарыбыз жок. Элебес--- эзелден жарды адам. ошондуктан Кызыл- кыя деген жерге жолчу болуп, биротоло көчүп кеткен. Кедей, жан багышка бул жер бир аз ылайык эле. Анда көчүп барганына быйыл үч жыл.

Эми, багыбызга туш келгендей, быйылкы жыл да өтө кыйын болду.

Мезгили жетсе да жакында кек чыкпай, кун сурданып, кезек-кезек кара боорон буркурап, элдин кезун ачырбай, жутатып туруп алды. Былтыр эгин болбой калган. Аның устуне биздин элдин кебу жарытпп эгин экпейт. Мыктагаңы эки тешеге жетпеген жер айдачу. Элде быйыл ачарчылык. Ошондуктан бирин-серин деп кап бектерунуп алып, орус поселколорун чувап калган.

Биздин бир табак буудайдың акыры кекче буткен. Бугун эртеден бери наар алганыбыс кок. Бурмаке кемпир, мени тэмен жакта бир уйден бир жармалык буудай суратып жиберди. Ал жампайган кепенин тубунде бир гана уй эле. Бардым. Мурду парпайган, чоң кара кемпир, коломтодо чуып буткен тезек чогун жайып койп, отко кактанып отуруптур. Аның колтугунда, жамгырдан ыккан кулундай корголоп, бир кичине кыз отурат.

Мен барып:

— Бурмаке — Энем бир чейчек буудай берсин дейт дедим, кемпирге тике карабай, четке карап туруп. Буйдалган кок чыкдан жагын бир карап алды да:

— жок, — деп куңк этти, кемпир.

Кайра келдим. бурмаке--- Энем жаңыдан бөлек акыл үйрөтүп жана жиберди.

--- Айт өлбөсөк бир чөйчөк буудайыңын күнүнө чыгарбыз...

Берген жок жана куру келдим. Ошондо Бурмаке:

--- эми жокту жерден чукуйбузбу! Силер да таалайыңардан көргүлө. багы жокторум, --- деди, баарыбыздын көрөр күнүбүз бүткөндөй кабагын бүркөп ушкурду.

Ушундан он күн өтпөй, бир Бурмакеден башкабыз текши жыгылып оорун калдык. Ар бир жерде топкоюп ыңкыстап жаткан бала. Бурмаке бекчеңдеп, калтыраган карu колу менен кыдырып, оорулуларга суу берип жүрөт. Баягыда бир тамырчы келип мага он-он беш күнчө суу бер деп кеткен. Ансыз да суудан бөлөк ичерибиз жок. Мына бу чачы жүндөй уйпаланып, эс мас болуп жаткан - Эжем. Анын бери жагында, коломтого жакын жерде, алсыз кыңкыздап Беккул жатат. Капшыра кармап койсо сынып кетчүдөй илмейген билегинин тарамыштары саналып турат. Тыңи этер ал жок Анын ыңкыстаганына карай:

--- Э, Беккул, эмнең ооруйт, кагылайын ? - дейт Бурмаке. Ал түк да билбейт. Жорго демин алып жаткандай көрүнөт.

Атам болсо, көптөн бери жетимдердин карды үчүн кайгырып, жү

алда кайда бир жакка , кап бектерунуп, бир деме издеп кеткен.
Кунде келер бекен деп кутебуз, Жок. Бир уйде четинен кыйрап жаткан оорруларга баш көз болуп турган--- Жалгыз бурмаке. Өзу тун ичинде зарытып уйку да көрбөйт. Тунде зарыгып отуруп, талыкып кеткенде, кезек-кезек-кезеккккккк көзу илинип, кайра селт ойгонуп кетип, коркунучтуу, калың төкөйгө келген немедей тегеректе кулак туруп, көпкө тынып, тыңшап калат.
Беккул чыдабай жаткан туну таң атканча кирпик какпай чыкты.
Эсимде: туортосу кез, карарып өчуп бараткан чокту улам көсеп жайып көөп, коломто жаны да олтурат. Чок акырын карарып, күңүр күңүрттөп, өчуп бараткан. Түнде кыякык каалгып кетип, башы шылк эте тушот. Уй караңгы жымжырт. Анда - санда гана Беккул-дун алсыз табышы угулат.

Ушул тунде Бурмаке өмурдө көргөнун тугелдеп, ойлоп отуруп чарчап кеткендей болуп көрунуп турду.

Мен төшөктөн бир ай чамасы да турсам керек. Баарыбыз келте менен жыгылганбыз. Айыккандан кийин, чачым таздын башындай жыд жыдып тушуп калганын бир гана билдим.
Менден бир аз кун кийин Беккул турду. Анда да чач жок. Биз төшөктөн туруп, тамтаң басууга жараган кезде, Беккул өкөбузгө

Бурмаке таяк жасап берди.

"Көп бассаңар муунуңар кирет. Үйдү айланып басып келгиле" дейт. Биз тынып отуруп, үйдү зорго бир айланып чыгабыз, бирок мен бассам эле көңүлүм айланып ,ымкымыхх көзүм тунарып кетет. Жер асты-үстү болуп, эле мас кишидей, көзүмө эчтеме көрбөй кетет.

Молодой жалгыз үй! анын үстүнө биз четинен кыйрап, жыгылгандан бери бизге каттаган жан болгон жок. ошондо, тышка чыкканда бардык көрө турганым: үйдү айландыра салган куп-куу там, тамдын бурчундагы жалгыз аттын акыры,анын жанында шылдыраган шакели,• баягыда Беккул акебуз уюм тууду ойногон чуңкурлар ...Ал чуңкурдун четки бирине топурак толуп, бүтөйүн деп калыптыр. Берегги күрөңдүдө кечетен бери таарынган немедей бүрүшүп ала мойнок ит жатат. Көптөн бери көрбөгөнгө сагынып калгандай, мага куйругун булгалап, көзүн жалдыратып, тамак умут кылгандай эркелеп коет.

Арадан көп күн өттү... Бирок, тамактын тартышынан оңой менен муунубуз кирбей койду.

— Ата канат, тамак болсо бат эле тыңып кеткени турасыңар. Мен кантейин эми? - дейт, Бурмаке кемпир амалы кеткенин

кубөленгенсуп. Дар дүйнеде бир табак талкан бар. Аны үнөмдеп, ад анда- санда гана чаңыттап, жарма жасап, кары колу менен дарыкердей өлчөп, топ ооруга бөлүп берет. Бул жумурубузга жук болбойт

II.

Төшектен турганыма бир айдай болгондон кийин, бир күнү тайенем келип, мени алып кетти. Алмакан экем али айыга элек. Мен таенемди ээрчип, тышка чыгып бара жатканда, ал уйпаланып, көзүн жаап калган чачын бир жагына сылап жатып, мага бурулуп, " кетип баратасыңбы? Кош,эми" деген кишидей аянычтуу, кайгылуу жүзүн муңайтып, кала берди.

Бир гана менин кетишим менен үй жеңилдебейт, менден башка чубурган дагы беш жетим бар. Антсе да, менин кетишим үйдөгүлөр үчүн оңой олжо эмес эле.

Таятамдыкы Чоң-Таштын/ кирк чакырымдай ары--- Кең-Суу. Таятам чоң бай , бала-бакыралуу, алты уулу бар,. Алтоо тең четинен дүркүрөп, байып келе жаткан. Таенем мени балчайган чоң курсак тору бээге учкаштырып алып, үйүнө кечкире келди. Мал кызык төлдөп жаткан кез. Биз барганда аялдар быкырдай көп койду саап болуп, агытып жаткан экен. Кой саап жаткан бир акжумал келин:

-- И, энем келди, -- деди бизди көрө койуп.

Тосмо суудай мемиреген жазгы жумшак кечте, кыжылдаган сансыз кой аралашып, чаржайыт чуркурап, уйлар ~~иже~~ музоосун издеп мөөрөп, жер- суунун тынчын алып, кечки тунук абаны экилендириц айлана туркум кууге толуп турду. Жалгыз молодой жым- жырт жерде өскөн мен, мына бул жерден экичи бир дүйнөнү көргөндөй болдум.

Бир топ күндөр өттү. Жакын айылдарга барып, балдары менен аралашып, аз күндө үйүр болуп кеттим.

Бир күнү эртең менен тайенем келинине айтып, бир кичине көнөчөккө мага айран куйдуруп берди да:

— Бар кагылайын, козу кайтарып кел. үйгө козуну жиберичү болбо -- деди.

Таянем көзү бажырайган, балбайган, чоң кара байбиче. Чекесинин так ортосунда чоң меңи бар. таятам жетимишке чыгып, былтыр өлгөн. Анын күмбөзүн тургузабыз деп он чакты кишиге кыш куйдуруп жаткан экен.

Айымжан тажеңем "киш-киш" деп козуларды айдашып, короодон узатышып салды. Жер жайпаган жаш козуларды жогору карай айдап

~~айдап,~~ мен кете бердим. Колумда узун чыбык. Кийин калгандарын чаап койсом, кееси секирип, кее бири туйлап кетет. Жашы мени менен тең— Курманбай таякем, козу кайтарганды кызык көруп, мени ээрчип чыккан. Бир аз ойноп журуп, эриккен кезде кайра кетип калды.

Козуларды жайып отуруп, айылдан абдан узаган кезде, бир кырдан ашырып таштадым да, өзум келер жолун тосуп, бери жакта бир дөңсөөгө көнөчөгумду коюп, отура кеттим. Кызык көрунөт: көнөчөкту улам айландырып карай берем. Козулар бадалк га кирип кетип, тынчып калган кезде, чокоюмду чечип жайып таштап, алдыма тонумду жая салып жата кеттим. Айланамда көп кааран жок, мына мында гана Сарыбай байдын баласы куш салып тамаша жасап журөт.

Бала, береги борчук ташка келгенде, колундагы кушун бир сагызганды көздөй шилтеп жиберди да, чылк кумуш менен жапдылган атын шарактатып, төмөн карай ирип кетти. Андан жогору карасам, тетиги бир алыскы чокуда, жалгыз койчу салмак менен гана узун созуп, кырдан ашып баратат.

Ошентип туруп, көрбөй калыпмын, менин ылдый жагымда капталменен , жузгө жакын козу дуркуреп алып төмөн карай

кирип бараткан экен. Шашкан бойдон, дуйнөмдун баарын отурган жеримде калтырып, ала-сала куюндап, мен да жөнөдум. Ээлигип алган ойноок козулар оңондон уркуп олтуруп кой короого барып бир эле токтоду. Аларга жетпей калып, орто жолдон кайтып келе жатсам, калганы дагы жамырап журуп калган экен. Аларды тосконум жок, " Эми болору-- болдуго" дедим да, жайына коe бердим.

Эртеси дагы ушундай жайып чыктым. Кун ачык, ылдыйтан козу жайып бир бала келди. бою менден чоң эмес, кийми жакшы, бутунда өтук, баркыт шымы бар. Колунда меникиндей кенечек. Экөөбуз козуларды кошуп жиберип, жогору жайпатып отуруп, чоң беттеги кыяк калың табылгыны аралатып жибердик. Козулар табылгыга сиңип-сиңип кетти. өзубуз бери жакта калып, бийиктен таш жарыштырып, ойной баштадык. Мен эки сапар, анықынан ташымды ашырып таштадым.

-- Ордуңан жылбай ыргыт, -- дейт бала.

-- Сен да жылбай ыргыт!

Кун ысый берген кезде оюнду таштап, кенечөгубузгө келип, айран ичтик. Бала кенечектен обочорок чөгөөлөп алып, айран 951

ижтикдх тутук менен корулдатып ойноп ичти да:

— Сенда ушунтип ич, жакшы болот, — деди.

— Жөн эле ичем, - деп мен түбүнөн көтөрүп алдым.

Ошо минутада топ козу бөлүнүп алып жүрүп калды.

— Тос тигини , - деди бала, чегеелеп айран ичип жатып

— Тоспойм, ал сенин козуң--дедим мен. Бала мага жакындай түшүп, бетимден аткып алчудай тикирейип келип, тура калды да:

— Эмне, тентиген кул? - деди.

— Байкап сүйлө, мен кул эмесмин!- деп кайраттана калдым.

— Арам кул, кимдин үйүндө жүрөсүң? кайтарган козуң кимдики? ... - деп чекчеңдеп келди дамени жакадан алды. Мен да жакалап, жооп бердим. Бир сапар күрөшө кетип, ит жыгылыш болуп, будаланып кайра турдук. Ал бир кезде жакамды коё берип, ары кетип калып, издеп жүрүп, бир туру суук кара куртту чубалжытып, чөпкө кыпчып келди да:

— Мойнуңа салам,— деп жогору көтөрүп, мага сунду. Ал келип жеткиче мен даярданып алып:

— Жакын жолобо! -деп узун чыбыгымды булгалап туруп алдым.

Бирок кеп узабай кайра табыштык.

Бешимден өтө бергенде козуларды үйгө айдап келдим. Кыз-келин, бала-чакалар кубалап, козуларды көгөндөп болгончо, кырдан аша көчүп койлор да келип калды. Койлор козулардын жоктоп чуркурап, заматта жерди жаңыртып жиберди.

Короону тегеректей конгон төрт- беш үй бар. Башкы дардайган чоң ак үй менин таятамдыкы. Кой келер менен ар кайсы үйдөн идиштерин көтөрүп, бирден -экиден болуп, эрине баскан келиндер кой сааганы чыгып келишти.

-- Бол эми, бат-бат кармап жибер-- деди алымжан тажеңем мага.

Менден башка да кой саадырып жүргөн бир тобу бар. Аралай, кубалап, кой кармап жүрөбүз. Үч- төрт койду саадыргандан кийин, көпүрөөдөн корккон эшектей кыйып бир кара токтуну кыйкылдатып, зорго жетелеп келдим. Мындай арам ~~бөхх~~ болорбу, саанчыга желини жаңы тие бергенде атып кетип, мени дыргаяктатып алып жүрүп бербеспи. Өлбөй тирүү куткарбаймын деген немедей мойнунан салалаган колумду чыгарбай, тери шымды калдыратып, өлөрмандыкка салып, мен да жүрүп отурдум.

Ошентип баратып бир кезде, жыңайлак бутумду курч туягы басып кетти эле, "ай" деп отура калдым. Койдун чыласына кесилип жүргөн бутум чырт канап кетти. Жакын жерде кой саап отурган бир катын:

--- Байкуштун бутун айра басып салды ээ,- деди мени аяган кишидей. Короонун башында, дүнүйөнүн барын көзү менен тескеп отурган таенем, мени көрүп калып:

-- Тетиги, томаяктын баласына мал ошондой келет тура,-- деген-дей болду. Бул сөзү мага араң угулду. Мен секеңдеп аксап барып андан башкасын кармап келдим. Кой саадырып турсам, таенем жаныма келип, бутактуу, кыпкызыл табылгы таягын оң колуна бош таянып тура калды да, менин үстүмдү айландыра карап:

-- Ырысы жок, тонуңду эмне тытып алгансың? - деди.

-- Бая сасбактын баласы ала качып жүрүп, ушинтип койду,-деди дедим мен, койдун мойнунан кармап туруп, көгөндөгү козуларды карай.

-- Ырысы жок, ошонду эмне кыласың? Сага ким жамап берет.

-- Ойногон эмесмин " Менин козумду тоспойсуң деп, өзү келип тийишти, -- деп улуйуп, карадым.

--Ырысы жок,ж ырысы жок киши ошондой болот! Таечемдин сөөктөн өткөндөй заар тили менен сийлап туруп, үстүмдү бүтөп бергенинен

антпей жыңалач койгону жеңил көрунуп турду. Ачууланганда анын эки сөзунун бири" ырысы жок". Бул сөз энчиме басылгандай көбунче мага жумшалчу. Ал,Курманбайга канчалык ачууланса да бул сөздү ага бир айтып көрген эмес. Ошол учун мен " ырысы жок" жалаң томаяктар учун буткөн сөз болсо керек деп ойлочумун

Жаңкы бала экөөбуздун тарыхыбызды тайенеме, Курманбай жеткирсе керек. Бөлөк киши айткан жок, билем. Ал айтканы бышык мени мактабасына көзум жетет.

Экөөбуз башынан эчПуз. Мен жокто, таенемдин колтугуна кирип алып, мени жамандай беручу.

" Малды буту менен тееп жиберет экен" деп арзыбаган немелер менен жамандаш жатканын да бир ирет уккамын. Мал тепкен кишини тайенем жек көручу...

Бир куну кечке жакын:

" Сарыбай байдык байбичеси чакырат" деп мени бирөө чакырып алып кетти.

Сарыбайдыкы кең суунун ичинде, алыстан бадырайып турган к эки ак уй эле. Тегерегинде дайым мандырдай болгон төрт,беш боз уйлөр тигилип турар эле. Исмайыл, Букара, Карыбай деген балдарында да бир ак уй бар. Бирок Сарыбайдын өз уйу бутун

Кеӊ суудa бөтөнчө бадырайып турат.

Ушунткен Сарыбай байдын байбичеси мени киши катары санап, " ардактап" чакыртып жибергени мени таӊ калдырды. "Сарыбай" деп сырттан укканым менен үйүн көргөн жан эмесмин. Бардым. Тыштан бүрөө мени баштап, ак үйүнө кийирди. Мен кирип токтогон алдыӊкы бөлмөсүндө чымкый башайы-- макмалдын үстүндө, жашыл тукаба чапанын желбегей жамынып, көөлгүгөн бир зайып олтурат, башында заӊкайган торгун элечек. Байбиче ушул экенин байкадым. Жашы жетип калса да/ бери болгондо элүү беште болор/ Кеӊ дөөлөттүн аркасын да, ал карылыкка толук моюн суна койбогондугу көрүнүп турат. Семиз, чатыраган кызыл киши экен.

Мен кирип барган да :"Мына бул жерге олтур" дегендей ишарат кылып, өзүнө жакын жерден орун көрсөттү. Бир аз кымкырт. Тагдырым ушунун колунда тургандай, ааламга "аян" болгон байбиченин алдында, анын чечимин күтүп, байлоого түшкөн кулдай үӊкүйүп, мен отурам. Колума берген жалгыз нанды сындырып жеп отуруп: "балким менин жетимдигине жаны ачып, бирдеме берейин деп чакырган дыр" деп да ойлоп коем.

Байбиче бир кезде сол колун сунуп, мага бир деме берди

Колума тийгенден кийин карасам: бири 5тыйындык, бири 2 тыйындык бири эки тыйындык--- 7тыйын жез. А дегенде " капырай, сан жылкылуу Сарыбайдын колунан 7 тыйын чыкканыбы" деп ойлосом да артынан тушундум. Бул мага берген садагасы экен. Анткени Сарыбай бай көптөн бери ноокас эле. Бая мен келгенден элдин аягы басылбай бири кирип, бири чыгып, төрку бөлмөдө жаткан байдын көңулун сурап жатышкан, мен ушул учун чакырылып келипмин. Азыр мен нан жеп отурганда, байбиче бирдемени дубалап жаткан молдодой, оозу-башын кубуретуп, колунда аралаштырып, кармап турган бир, эки жез тыйынга кезек-кезек "суф" дап коюп отурган.

Садака бериш учун төрт кыбыласы тугел жетим издешип, буга бутун кең Суудан мени туура тапса керек.

Бир нанды жеп, жети тыйынды алганымдан кийин эми менден да эч кимдин тыйынча жумушу жок көрунду,' жолума туштум. Бая мени уйгө киргизген неме иттен чыгарып койду. Жолдо бара жатып, бугун мени бурөө кордогондой, кемсинткендей болуп көрунуп, көңулум иренжиди. Мени эмнеге чакырып кеткенине, мурун тушунуп алышкандай, уйгө баргандан кийин, Сарыбай байдыкынан эмне "олжо" менен келгеним тууралу менден эч ким сураган да жок.

---

Уч ай жургенумден кийин бир куну Элебес келип, мени алып кетти. Буга тайененим да көп карышкан жок.

Биз аттанганы жатсак:

— Кетсең кет эми. Сага бирдеме да кийгизе албай калдык. Жамандабай бар... — деген болду да, өзунун бир эски кур курмөсун берди. Жаздай журуп тапкан олжом ушул.

Таятам, таякелерим, четинен бай. Бирок, аларда башынан саран. Байлык жагына келгенде бул Кең сууда Чынгышбай уулунан ашып тушкен бай кем. Калаң бир атадан тарагандар бир уруу журттай болуп, эртели кеч малы жайылып чыкканда кара таандай келуки каптачу. Ошентседа, котур улак учун өлуучу өнчөй чык татырбастар. Тогуз жуз койлуу тун уулу Саадамбай, тери шымдан белек, өмурдө кездеме кийип көргөн жан эмес. Ал эсимде: бир куну таладан өөдөлөнуп өлгөн бир токту учун, кадимкидей ыйлап, койчусун таң аткыча сабап чыккан.

Ш.

~~Мен дастамбайчыдан кежээнде чыгра Кызыл-Кыя~~га бардым.

142

# Y.

Кийинки жылы жайында Элебе мени Василий деген адамгама малай берди. Үй кайтармак болдум. Василийдики Туптун ары өйүзүнде чоң булактын оозундагы түзде, жалгыз үй. Аппак шыбаган үйү алда кайдан жаркырап көрүнүп турчу.

Биз аттаналы деп жатканда Бурмаке:

-- Эми жакшы жүр, ушунтип оокат кылбасак анан өзүң үйдү көрүп турбайсыңбы? -- деди мага.

-- Барамын, кайта жакшы болот-- дейм мен.

Тышка чыгып, мени аяктап, учкаштырып жатып дагы:

-- Тетиги эмне бермек болду? -- деп Элебестен сурады.

-- Айлыгы эки сом.

Мейли, эки сом болсода биреө бекер береби,-- деди, аттанып алган бизге туруп.

Биз аттанганда асман бүркөлүп, дөбөдө бир кара булут ары-жер бери үйүгүп, жел согуп, күн салкындап турган.

Анткен менен көптөн бери күн жаабайт.

Талаа менен келебиз. Береги биздин алдыбызда Башарындын көп үю жер жайнап, жайылып жатат. Уйчу, күн бүркөк болсо да

кеч жакындаганын сезгендей, узун камчысын булгалап, ышкырып айдай баштады,.

Элебес
Эзелден жөнү жокко капачыл, куйкөлөк адам. Кезек-кезек тору байталды курсакка курс-курс теминип алат да, капалуу куйкөлөк сөзү менен кейип, өзүнчө бирдемелерди кобурап кетет Бара тушуп иренжиген түз менен чыгыш жакты мурчуюп бир карап алып.

— Бул күндө бир тамбас болду!- деп коет. Менк унчукбаймын Эки жакты улам тал алмаштырып карап коем. Элебес байталды жана бир теминип алат да:

--Кудай бизди эмне мынча кууратып жасадык кйкж экенкикх... --деп кобурап кетет.

Элебестин, куйуттуу сөздөру эзелден кулакка сиңип, көнумуш болуп калгандыктан, уйдөгулөр аны көп элең кылбайт. Өңу дайым ачуу дары жуткандай тырышып туручу. өзу буурул сакал болуп, карып калган адам. бирок " неге мындай" деп, ошонун сөздөрунун тамырын издеп, далай ойлочумун. Ушундай болор-болбоско капаланып, киргенде кээде Бурмаке: "баягынын аруусу дагы кармадыбы? Дуйнөдө бир жаркырап отурар кунубуз болор бекен,? деп коер эле.

Василийдикине кун бата бардык. Василий орто бойлуу гана курсагы чоң, челкейген адам. Көйнөкчөн жарип болуп тышта журуптур. Бизди көрө коюп:

— И, келди? --деди, муруту менен билер билбес жымыйып.

Тушуп уйгө кирдик. Кире берген жерден, төрку уйдөн чокуна турган сурөтту көзгө учурай тушту. Мага бул анча таңсык эмес, мындай сурөттөрду Башарындыкынан да көргөмун. Тамаша мына бу, керебетинин тушуна кадаган чоң, боз сурет экен. Өзу сансыз бир көп аскер: уруш,аты" Кыйратыш" . Жоо менен алышып мында бирөө кылыч менен качырып келип, бурөөну чаап жатат. Жоого тийсең ошондой тий! Бери болжогондо бир миң аскер, качкан жоонун артынан чурап, куркурөөгөн сууга жаңы кирген.

Василийдин / мурду оңкойгон, узун бойлуу көк көз аялы, уйгө кирип келген сары жежелөрду чыйпылдатып, ал жапкычы менен "Киш-киштеп" айдап салды да, печтен бир кара чөөгунду суруп чыгып, бизге сорпо куюп келди. Уч, төрт жумуртка, эки кескен нан койду.

Тамак ичип отуруп, элебес тигилер менен анда санда бирдеме деп коет. Василий өзу кыргызчага тантыр-мунтур. Мунун бойго

жеткен бир сулуу кызы бар. Бул уйде кыргызчаны таза суйлеген опол.

Тамактан кийин Элебес аярдабай аттанып кетти. Чет жерде , туткунга тушкен адамдай буреенун кезуне карап, муссапыр болуп, мен калдым. Жатарда аялы мага бир таарды колтуктатып, езу менден боюн обочо алып, сокур кишини жетелегендей оозку уйуне жетелеп, алып келди да.

-- Ушундай жат, - деп бурчту керсетуп, кетип калды. Керсеткен жерине таарды жая салып, устуме тонумду жамынып жатып алдым. Жым-жырттык баскан, баскан момураган жумшак тун. Менин мандайымда, чабыранын ичинде, урпейуп бир тоок жатат. Мына бул печтин тубунде мойнун куркуйтуп, жанындан чегуп жаткан каз болсо керек. Ушул арада, карангыда керунбей " мыяулап" дагы бир мышык журет.

Бир аздан кийин ай кетерулду. Терезеден тийген айдын шооласы уйдун ичин жаркыратып жиберди. тыш тымтырс. Уйдун жанында жайдак короодогу уйлар эбак жуушап калган,. бери четте аркы буттарын иретсиз керип жиберип, эринип дардайган бир курен уй жатат. Ушул кезде дунуйедек шырт эткен шыбыш ечуп, Василийдин денииздеги аралдай жалгыз уйу

толкунсуз көлдө токтогон кемедей каалгып, мемиреп турду.

Эртең менен уктап жатсам бир кезде Василий мени туртуп ойготту да, уйкулуу көзүм менен жетелеп алган бойдон кетти. "Кайда алып барар экен" деп, жетелеген жагына кетип барам. Эрчитип отуруп, үй артындагы арыктын боюна алпарып, агып жаткан сууну колу менен жаңдап көрсөттү да, мени таштап коюп, кайра кетти. Анын оюна эми түшүндүм.
Мунусу бетиңди жуу дегени окшойт. Анын артынан : "Менин эмнемден жийиркенди болду" деп бир ойлоп алдым. Эртең мененки жаңы салкын сууга жуунуп, кир көйнөгүмдүн этеги менен будалап, сүрткөн болдумда, короону тегеренип, кайра бастым. аялы уйду саап коюп, үйүнө кетип баратып, мени көрүп чала бурула калды да:

--- Айда, тамак ашасенчи,--деди.

Кечеекидей жерге олтургузуп тамак берди. Тамактан кийин тышка чыгып баратсам, Василий эшиктин алдынан колумдан кармап токтотуп алды да, уйларды кайда кайтарууну кызы аркылуу түшүндүрдү. бир топ уккандан кийин мен:

-- Билем-- деп бажымды ийкедим.

Асман кирсиз ачык. Кун бугун кандай коңулду тийген. Отузга жакын уйларды алдыма салып алып, суусун бойлоп төмөн карай кирип кеттим. Жалгызмын коңулсуз, мага көрунгөндун баары алыста. Те береки мунарыктаган, алда кайда бир, өгуздөрун өңкулдөтуп, ары бери чапкылап, ойноп эки койчу журөт. Койлорун ийрип, жуушатып салыптыр. Андан ылдый, сай боюнда көп уйду камап таштап эки киши отурат. Тиги бурөө сайдан чыгып бараткан уйларды таш ыргытып, кайра тосуп салды. "Кандай ырыстуу немелер" деп ойлоп коем. Бир ок, барыш мумкунэ эмес--алыс, чоң суунун ары өйүзундө, кукук болуп суу кирип жаткан.

Көп болду. Уйлар токтобойт. Кун ысыганда ого бетер тынчы кетип. куйругун шыйпанып, чычаңдап-- сайгактай баштады. Ошол арада мен уйду жыйнап, айдап келип, көгөргөн бир игимге туюктап, камап салдым да, өзум бир жагынан тосуп туруп алдым. ошого да болбой, өлөт алгыр, бир кызыл уй сайгактап барып токтой калып, куйругун шыйпанып, тумшугу менен арткы бутун бир жыттап алып, туруп-туруп топтон белунуп өкурундөп алып, журуп бербеспи. Аңгыча болбой бардык уй

чакчалакей тушуп, кызыл уйдун артынан жана бир тобу сырактап жонөй берди. Жоо тийгендей чачылган уйлардын кайсы бирин̵т̵к̵е̵с̵е̵д̵ тосорумду билбей туруп калыпмын.

Эртең менен короодон чыгып баратканымда кожоюнум:

-- Бал челекке жибербе, это жиберсе... -- деп сөөмөйүн көрсөтүп калган. Ошол эсиме түштү. Айткандай, кара ниет кызыл уй түз эле ошол төштүн түбүндөгү бал челекти көздөй салды. Башкалары унутуп коюп, мен жалгыз ошонун артынан түштүм. ал куйругун чычайтып, көтөрүп алып эңкүлдөп кетип баратат, мен артынан калбай безилдеп кууп барам.

Бал челектин тегереги кеминде кырк төшө келген чеп чабык. Мунун бир чети ж̵е̵к̵е̵н̵т̵е̵к̵ тоого такалат да, экинчи чети Василийдин үйү. Чебүнүн калыңдыгы атчан киши кирип кетсе бойлогус. Кызыл уй такырдан өтүп, ушу жерге жакындап калган. Бара түшүп, белден келген чепке кылкылдап, кирип кетти. Мен кызуум менен жүгүрө берип, бал челекке кандай келгенимди да билбей калыпмын. Күн ысып, арылар ызылдап, чыгып жаткан кез экен. Бир кезде сол көзүм тыз эте түштү. Жан талашып чапкылаганга болбой, өчөшкөн немедей жана бир тобу ызылдап келип, талап жиберди.

Аары чаккан кезум бир заматта бултуюп чыкты. уйга ушул жерден араң жеттим. Бир абийири: бал челектер аманкалды калды. оозумдан кара суу келип, журогум аттай дукулдеп, кыйындык менен дем алып, куйугуп кеттим.

Кызыл уйду кайра тосуп келе жатсам, артынан жана бир тобу кушулдеп, кетип калыптыр. Кошуп айдап алдым. Калганы ой тоого чилдей тарап кеттиптир, аларды ар кайдан терип журуп, зорго жыйнадым.

Василийдикине эки айга жакын журуп калдым. Бирок, кийинчерек жудеп кеттим. Тынчтык жок, кечинде уйге келгенде да аялы тындырбай жумшай берет. Кийимден тамтык жок. Эзелден жуулуп көрбөгөн адырайган, темири шымым дал-дал болунуп, кири муздай келдоюп, этимди ейкеп журет. боз кейнегумдун этек, жеңдери болунуп, туш-туш-ка самсаалап кеткенинен, кай бир мумкун болгон айрыктардын учун бир-бирине туйуштуруп алганмын. Ошентсе да езгеруп кеткен жери жок.

Ушул абалымды атасына жеткирер бекен деген ой менен Василийдин баласына бир куну ээн алып олтуруп айтканым бар.

--Ушундай журуп кантип чыдаймын? Эгер эски ускуңардан кай кайрылышпасаңар мен кеткем, - дегемин.

Мунун жообун бир куну тамак ичип отурган кезде алдым. Тамак ортолопкакк калган кезде, Василий сорпо ичип жаткан кашыгын коёо койп, мурутун бир сылап алды да обочо жерде тамак ичип отурган мага бурулуп:

- Ала турган акчаңы сенин өзуңө кийим алып берейинби? - деди.

Мен аз ойлонуп калып:

- Анда болбойтко! - дедим.

- Неге? - деди, балпаңдап чайнап жатып, токтой калып.' аялы да менин жообумду куткөндөй тыңшай калды.

- Анда кайта мага жаман болот,- дедим мен сорпо ичип жаткан кашыгымды жерге коюп жатып.

Мындан кийин алар мени таштап коюп, өздөрунчө кобурашып кетти. "Айтор эмнеси болсо мен тууралу кийкрашынкетти: суйлөп жаткан чыгарсыңар" деп ойлоп турам. Бир топтон кийин мен жакка жана бурулуп:

- Анаң Элебес Эмне сага кийим бербейт? биз кийимге суйлөшкөн эмеспиз. Макул десең ала турган акчаңа кийим

алып берем... - дегендей болду.

- Элебесте жок эмеспи, - дедим да, бир аз ойлоно тушуп, артынан: - эски-уску кийим кайрылышам деген убада болбоду беле? - дедим.

Мен тууралу сөз ушуну менен бүттү да, алар өздөрүнчө кетти.

Эмненики экенин билбейм, ушу мүнөттө кызы эзилип бышкан бир кесим этти алдыма коюп кетти. Мындан мурун бүрөөлөр "Орус сойгон эт арам болот, ал чокунуп мууздайт, жешке макрөө" дегенин уккамын. Эт алдыма келгенде бул сөз эсимде болсода, шек урбай жеп алдым.

Бир күнү уйларды короодон айдап чыгып баратып, күтпөгөн бир окуяга туш болдум. Кожоюндарым үйдө тамактанып отурган. Мен уйларды короодон,жаңы эле айдап чыгып бараткамын.

Ошондо кайдан-жайдан жеткенин билбейм, бир кезде асмандан далпайган бир айры куйрук тик ылдый сайылып түштү да, мен кыйкырып жеткиче болбой мындай узап жайылып бара жаткан каздын бир баласын илип алып, шып этип атып чыгып кетти. Мен өксүп калып, өйдө көтөрүлүп бараткан айрыкуйрукка оозумду ачып аңкайып калыпмын. Терезеден көрүп калышкан белем,

152



Василийдин ачуулуу аялы декилдеп жугуруп келди да:

- Немне карабайсың ! - деп, менин бетимди аткып алчудай болуп, көзунөка акшыйтып, алдыма какыйып тура калды.

- жетпей калдым! - деп колум менен ишара кылып, жугургөн жеримдин аралыгын көрсеттум. Ачуулу неме эле:

— Ах ты, чорт!- деп келип кулагымдан бурдап алып, тартып-тартып жиберди. Колунан бир сапар бошой тушкендей болдум, эле кайтып жана жетип, желкемден муунтуп, кармап алып дагы бир топ шылып жиберди. Он жашар баласы- Петке мени жакшы көручу. Ал өз тили менен:

— Эне урбачы,- деп мени аяп турат. Бизди көруп дагы бир кичине кызы, сары чачын селксендетип, жугуруп келди, терезеден биреө карап турат.

Андан башка менден алары да жок. Чатактан бошонгон соң, уйларды алдыма салып алып, кундөгуден алыс кеттим. Кечти гана кутуп журөм. Бирок мага бугун кун мага абдан узарып кеткендей болуп көрунду.

Кун эртең мененкиден калыңдап, асмандан чылчык көрунбөй бутөлуп калды. Үшуп кеттим. кун суук тартып келген кезде бая куну жаандан коргологан бир тумшуктун учунда чоң кара таштын тубунө барып, бир ууч болуп, бурушуп отуруп алдым. Бутумдун

ачылган жерлерин улам этегимди чоюп, жаап коем.

Көп болгон жок, береги бир казандай кара булут эңкейип, түнөрүп келди дакөк тарс-турс жаркылдап туруп, шатыратып төгүп берди эле, бир заматта чөптүн башы шылдырап суу болуп кетти. Мен баягы таштын түбүнөн козголбой үйлөрдү алыстан гана көздөп отурам.

Кеч жакындаганда бардык үйдү жыйнап, үйдү көздөй айдап жибердим да өзүм кайра тарттым. Максатым – качмак. Бул тууралу мурунтан ойлоп жүрсөм да бүгүн шертиме чыңдап бекип алдым. Үй анчалык алыс эмес, көрүнүп турат. Менин жүрөгүмдү өйүгөн – жалгыз суу. Суудан өтсөм болгону. Ары түн болсо да коркпоймун, бирок суу мурункудан тартылып калыптыр. Тайызыракы, шымды жоон санга чейин түрүп таштадым да тобокел деп кечтим. Адеп киргенде бир аз жерге энтиге түшүп барып, четине чыгып кеттим. Шыйрагым какшап калды. Ошондон багалекти түргөн бойдон шуудурумдө жүрүп отурдум...

Айыл жайындагы конгон ордун да экен. Тезек түтүнү быкшып жаткан таанымал, кара үйгө эл орунга отура кирип барсам керек. Отту тегеректей отурган көп үйлө мага жабыла карай калды. Үйгө кирип отура элек жатсам Элебес:

- Э, каран кун, эмне келдин- деди бетиндеги бырыштарын калың жыйнай тушуп, кабагын чытып.

- Баласыңбы деген ушул, атаң керу... аз калганда чыдап, айыңды бир жолу эле бутуруп келбейсиңби? - деди Бурмаке.

Элебес баягы кенумуш кер жемесине салып, толуп жаткан [illegible] эле мага тийиштуу бирдемелер айтып жатат. Мен купекер! Кулакты жапырып, тили жок бир дудук болдум да калдым.

Көптөн кийин Бурмаке:

- Койчу эми, байкуштун ичкенин аш кылсаңчы ой, карган аюу! -деди. Бул сез мага бел боло тушту.

Бир кезде элдин катары [illegible] менен мага да бир аяк жарма келди. Кайгылуу, жудө кабагым менен салбырап барып, аякты колума алдым.

 Мукай Элебаев. 155

## ИСЫК Көл.

Көп жыл болгон
Көрбөгөнмүн
Кең Исык көл- жеримди.
Мына бүгүн
Зуулап барам,
Жолду катар бөюм балкып эриди.
Аркырап,айдап,
Автобуз зырлап баратат,
Жер кулпунуп, сулуу кыздай жарашат.
Жашыл түз,
Жер кулпунуп сулуу кыздай жарашат.
Тынч мемиреп,
Көз жетпеген түз жатат,
Көктө жүргөн азат куштай зымырап,
Кыял үчүн,
Дүйнөнү чарк уруп,
Семирип,
Сергип келатат.

ххх

Бир заманда ушул жолдон өткөнбүз,
Булдурады далай заман эсепсиз,
Арымы жок кылдыраган араба
Араң сүйрөп,
Нечен күндө жеткенбиз.

Ошол күнүм ойлоп барам эми тек,
Өткөн күндөр көз алдымдан элестеп,

Барган сайын ала качып жел кыял,
Сансыз ойлор тез жамырап келишет.
Баягыдан
Кыскарган жол чамасы,
Кезек-кезек
Автобузду
Зыркыратып айдап-айдап салабыз,
Балыкчыга
Тезден кирип барабыз.

xxx

Ысык-Көлгө
Мына кирдик зымырап,
Кыраан куштай
Кырдан туруп көз салып,
Кыял чиркин
Асман менен чарпышып,
Ысык-Көлүм
Ыксыраган немедей,
Күн чыгыштан күн батышка созулат.

xxx

Бир заманда,
Бай-манаптар доору жүрүп турганда,
Жүргөн жери
Таза булак, салкын жер,
Сан салтанат
Сайран куруп,
Кең-кесири жүргөн көл.
Миң жыл жашап,
Далайларды көргөн көл.

xxx

Далай терең далай сырлар төгүлгөн,
Далай муңдуу көз жашына көмүлгөн.
Чер көкүрөк жаралуу жан айыкпай,
Далай ыйлап, сур өмүрдөн түңүлгөн.
Ал кезде биз
Түк билелек,
Жаш балапан,
Балтыр толуп жете элек,
Зор турмуштун
Кисесине түшө элек
Андан бери
Заман озду, соккон желдей зымырап,
Унут болуп, көргөн түштөй далай чак,
Өзгөрүштү
Жомок кылып
Айткан чалдар кандырат.
Турмуш тынбай,
Ачкычтарын миң бурап,
Байыркылар
Калды бүгүн алда кайда булдурап.

xxx

Көлдө жыргап,салкын төрдө салкындап,
Бир заманда доорон сүргөн бай, манап,
Койдой айдап, кулду саткан бий, болуш
Жоголгон алдан эбак.
Мына шонтип,
Ысык-Көлум тазарган,
Өткөн экен
Далай-далай көп заман.
Карт Ысык- Көл,

Көпту көөруп чачы куудай агарган.

xxx

Ысык-Көлум
Баягы эмес,
Баягы эмес, карасаң,-
Миң өзгөруш
Курулуш,
Бугун адам таң калган:
Эл да,
Жер да,
Өмур да --
Баары кайра жасалган.

xxx

Социалисттик аскерлери дабырап,
Кызуу майдан ишке кирген жабырап,
Көл тирилген,
Купулдөгөн параход,
Кече кунку
Супсур өмур бугун жок.

xxx

Бул жеңишке далай жеңиш жалгашар,
Ысык-Көлдун ордой терең сырларын
Бизден соң да далай акын ырдашар.
Баштан кирип, Аягына чыкканча,
Биздей болуп,
Далай эрлер узун жолдо кармашар...

~~Суроолор жана тапшырмалар.~~

159



## Суроолор жана тапшырмалар.

1. Мукай Ысык-Көлдүн Мүндүү көрүнүшүн кандай көрсөткөн.

2. Ыр боюнча Ысык-Көлдөгү Социалисттик жаңы өзгөрүштү айтып бергиле.

 Мукай Элебаев. 160

## ИСЫК- КӨЛ.

Көп жыл болгон
Көрбөгөнмун
Кең Исык көл- жеримди.
Мына бугун
Зуулап барам,
Жолду катар бойум балкып эриди.
Аркырап,айдап,
Автобус зырлап баратат,
Жер кулпунуп, сулуу кыздай жарашат.
Жашыл туз,
Жер кулпунуп сулуу кыздай жарашат.
Тынч мемиреп,
Көз жетпеген туз жатат
Көкте жургөн авет куштай зымырап,
Кыял учун,
Дуйнөну чарк уруп,
Семирип,
Сергип келэтат.

xxx

Бир заманда ушул жолдон өткөнбуз,
Булдуреды далай заман эсепсиз,
Арымы жок кылдыраган араба
Аран суйрөп,
Нечен кундө жеткенбиз.

Ошол кунум ойлоп барам эми тек,
Өткөн кундөр көз алдымдан элестеп,

Барган сайын ала качып жел кыял,
Сансыз ойлор тез жамырап келишет.
Баягыдан
Кыскарган жол чамасы,
Кезек-кезек
Автобузду
Зыркиратып айдап-айдап салабыз,
Талыкчыга
Тезден кирип барабыз.

ххх

Ысык-Көлгө
Мына кирдик зымырап,
Кыраан куштай
Кырдан туруп көз салып,
Кыял чиркин
Асман менен чарыкташ,
Ысык-Көлүм
Ыксыраган немедей,
Күн чыгыштан күн батышка созулат.
ххх
Бир заманда,
Бай-манаптар доору жүрүп турганда,
Жүргөн жери
Таза булак, салкын жер,
Сан салтанат
Сайран куруп,
Кең-кесири жүргөн көл.
Миң жыл жашап,
Далайларды көргөн көл.

xxx

Далай терең далай сырлар төгүлгөн,
Далай муңдуу көз жашына көмүлгөн.
Чер көкүрөк жаралуу жан айныкпай,
Далай ыйлап, сур өмүрдөн түңүлгөн.
Ал кезде биз
түк билелек.
Жаш балапан,
Балтыр толуп жете элек,
Зор турмуштун
Кисесине түшө элек
Андан бери
Заман өздү, соккон желдей зымырап,
Унут болуп, көргөн түштөй далай чак,
Өзгөрүштү
Жомок кылып
Айткан чалдар кандырат.
Турмуш тынбай,
Ачкычтарын миң бурап,
Байыркылар
Калды бүгүн алда кайда булдурап.

xxx

Көлдө жыргап, салкын төрдө салкындап,
Бир заманда доорон сүргөн бай, манап,
Койдой айдап, кулду саткан бий, болуш
Жоголгон алдан эбак.
Мына шондуктан,
Ысык-Көлүм тазарган,
Өткөн экен
Далай-далай көп заман.
Карт Ысык-Көл,

Кепту керуп чачи куудай агарган.

ххх

Исык-Келум
Баягы эмес,
Баягы эмес, карасаң,-
Миң өзгөрүш
Курулуш,
Бугун адам таң калган:
Эл да,
Жер да,
Өмур да —
Баары кайра жасалган.

ххх

Социалисттик аскерлери дабырап,
Кызуу майдан ишке кирген жабырап,
Көл тирилген,
Кушулдеген пароход,
Кече кунку
Сунсур өмур бугун жок.

ххх

Бул жекишке далай ...иш жалганар,
Исык-Келдун ордой терең сырларын
Бизден соң да далай акын ырдашар.
Баштан кирип, агына чыкканча,
Биздей болуп,
далай эрлер узун жолдо кармашар...

хх Суроолор менен [illegible]

## Суроолор жана тапшырмалар.

1. Мукай Ысык-Көлдун Мурунку көрунушун кандай көрсеткен.

2. Ыр боюнча Ысык-Көлдөгу Социалисттик жаңы өзгөрушту айтып бергиле.

[illegible]
[illegible] ГРАФИЧЕСКАЯ ФАБРИКА № [illegible]
[illegible] УЛ. [illegible]СКОГО, 22
Зак. 2234 Цена 80 к.